**Ош областынын Ноокат районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы жөнүндө**

**Жалпылоо отчёт**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренеси, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренеси, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 4,7,31-беренелери, 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн 2022-жылдын 24-июлундагы №02-3/220, 2022-жылдын 1-сентябрындагы №02-13/253 буйруктары.

**Аудиттин максаты:** Ош областынын Ноокат районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит жүргүзүү.

**Аудит мезгили:** 2022-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейин.

**Аудиттин түрү:** Шайкештик аудити.

**Аудит объектилери:** Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат башкармалыгы, Ноокат райондук өнүктүрүү фонду, Ноокат шаарынын мэриясы, муниципалдык ишканалары жана бюджеттик мекемелер.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) 2022-жылдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат башкармалыгынын жана Ноокат районуна караштуу бюджеттик мекемелер жана чарбалык ишканалардын ишинин шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, райондогу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болуп, Ноокат райондук администрациясы, айыл өкмөттөрү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерине мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча ыйгарылган бардык маселелерди аткаруу кирет, Кыргыз Республикасынын башка органдарынын компетенциясына карата Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен киргизилген ыйгарым укуктардан сырткары.

Аудит мезгилине карата Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Иманалиев Данир Белекович иштеп келе жатат.

**Аудит предмети**

Аудиттин предмети болуп, муниципалдык каражаттарды жана мүлктү башкаруу жаатында бюджеттик мыйзамдын талаптарына ылайык, жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча Ноокат райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоо эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- Жергиликтүү бюджеттин түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу ченемдик документтердин жана мыйзам ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына аудит;
- Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин ишмердүүлүгүн талдоо, киреше жана чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык карызынын абалына жана тейленишине аудит;
- Муниципалдык бюджеттик мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- Муниципалдык ишканалардын бюджетинин аткарылышына аудит;
- Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ишти талдоо;
- “Ички аудит жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын талдоо.

**Аудиттин критерийлери**

Критерий катары, Ноокат райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын муниципалдык ишканаларынын, Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин Ноокат башкармалыгынын жана анын ведомстволук бюджеттик мекемелеринин, муниципалдык ишканаларынын ишинин Кыргыз Республикасынын Бюджеттик, Салык кодекстерине жана “Салык эмес кирешелер” Кодексине, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Жергиликтүү Кеңештердин токтомдоруна жана 2022-2022-жылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик-укуктук актыларына туура келишин баалоо деп эсептейбиз.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит тарабынан Ноокат райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин Ноокат башкармалыгынын жана Ноокат районуна караштуу ведомстволук бюджеттик мекемелеринин жана муниципалдык ишканаларынын ишине тиешелүү жергиликтүү бюджетти аткаруу, кирешелер жана чыгымдар сметасы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча маселелер изилденди.

Аудит өзүнө, бюджеттик, бюджеттен сырткары жана атайын каражаттардын чыгымдары ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгү боюнча жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду

аткарууну камтыйт. Ушул отчетто жазылган жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн негизди камсыздоо үчүн, чогултулган аудитордук далилдер жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

Аудитке тийешелүү болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин Ноокат башкармалыгынын жана Ноокат районуна караштуу муниципалдык ишканаларын тандоо, аудитти пландоо, олуттуулук факторлорун аныктоо, 2022-жылга чыгымдар көлөмүнүн олуттуулугуна жана иштин мүнөзүнө жараша жүргүзүлгөн *(материалдар ар бир аудит объектиси боюнча өзүнчө түзүлгөн)*.

**Райондун аймагындагы мэрия жана айыл өкмөттөрдүн жергиликтүү бюджетинин кирешелери жана чыгашалары экономикалык көрсөткүчтөрү.**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча айыл чарбасынын дүн продукциясы 13692,7 млн. сомду түзүп, 2021-жылга салыштырмалуу өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн өсүшү 41,078 млн. сомго же болбосо 100,3 % ке аткарылган.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча өнөр-жай продукциясы 4697,1млн. сомго өндүрүлгөн. 2021-жылга салыштырмалуу, өндүрүлгөн өнөр-жай продукциясы 552,5млн сомго көбөйүп, өсүү темпи 112,7 % ке аткарылган. Ал эми физикалык көлөмдүн индекси 111,9 %ти түзгөн.

2022-жылдын чекене товар жүгүртүү көлөмү 6623,6 млн. сомду түзгөн. 2021-жылга салыштырмалуу чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү 1095,5 млн. сомго көбөйүп, өсүү темпи 106,9 % ке камсыздалган.

2022-жылы акы төлөө кызматынын көлөмү 855383,8 миң. сомго аткарылган. 2021-жылга салыштырмалуу акы төлөөнүүчү кызмат көрсөтүү көлөмү 145586,2 миң. сомго азайган, же өсүү темпи 85,4 % ке аткарылган.

2022-жылы капиталдык салымдын көлөмү 745,5 млн. сомго аткарылган. 2021-жылга салыштырганда капиталдык салымдын көлөмү 42,1 млн. сомго көбөйүп, өсүү темпи 105,9 % ти түзгөн.

**Билим берүү**

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык Ноокат районунда **2021-2022-окуу жылына** карата Ноокат районунун аймагындагы 121 мектепте 60626 окуучуга 4007 мугалим билим жана тарбия беришип келүүдө. Анын ичинде Ноокат райондук жалпы билим берүүчү сырттан окуу мектеби орун алган, 3 менчик мектеп окуучуларга билим жана тарбия берип келүүдө. Алар: “Найман келечеги”, “Интелект” башталгыч мектеби жана Ош Мамлекеттик Университетинин “Ноокат” гимназиясы. 2-чейректин жыйынтыгы менен билим сапаты **47,9%** ды жана окуу китептер менен камсыздоо **85,9 %** ти түзөт.

2021-2022-окуу жылында өткөрүлгөн Ноокат районундагы мектеп окуучуларынын олимпиадасынын III (облустук) баскычына район аймагынан жалпысынан **39 окуучу** катышып, анын ичинен **16 окуучу 1-2-3-орундарга** ээ болуп, бул окуучулар олимпиаданын Республикалык IV этабына катышып келишти. Ноокат районунун аймагынан жалпысынан 2203 базалык жана инновациялык мектептердин бүтүрүүчүлөрдүн ичинен 1465 окуучу Жалпы Республикалык тестирлөөгө катышып, натыйжада орточо балл **117,5 ти** түздү. Босого баллдан жалпысынан тестирлөөгө катышкан окуучулардын **53 % и же 771** бүтүрүүчү өтүп, жогорку окуу жайлардын гранттык орундарга окууга мүмкүнчүлүк алышты. Быйылкы жылы **15 окуучу 200**дөн жогорку, ал эми **19 окуучу 190дон 200гө** чейинки упайларды алышты. Облуста 2-орунду камсыздашты.

2021-2022-окуу жылында “Алтын тамга” артыкчылык аттестатына талапкер болуп 108 окуучу катталып, алардын ичинен 107 окуучу тесттик сыноого катышышты. Республика боюнча 80 окуучу, Ош областы боюнча 15 окуучу “Алтын тамга” артыкчылык аттестатынын ээси болушса, анын ичинен 9 окуучу Ноокат районун окуучулары болуп облуста 1-орунга ээ болду.

Райондук билим берүү бөлүмү билим берүү мекемелеринин интернет, компьютерлер, электрондук доска менен камсыз болуусу, “электрондук журнал”, “электрондук күндөлүк” системаларынын колдонууда сандык жагына эле көнүл бурбастан алардын сапаттык денгээлине, иштөөсүнө, билим сапатынын жогорулашына тийгизген таасирине көнүл буруулууда.

**Башталгыч класстын окуучуларынын ысык тамактын берилиши**

Ноокат районунун аймагында учурда жалпы билим берүү мекемелериндеги ичинен бардык ашканалардын саны-78, буфеттердин саны-18, ыңгайлаштырылган пункттарда ичүүчү мектептердин саны -18. Райондо 69 мектепте ысык тамак берүү уюштурулуп, анда 21590 окуучу ысык тамак ичет. Бул жалпы 1-4 класстардын окуучуларынын 77 % түзөт.

Райондун аймагындагы 45 мектепте алма, өрүк, терек бактар, 1 мектепте күнөскана, 4 мектепте эгин талаасы бар Жалпы район боюнча 58 мектепте айыл өкмөттөрү тарабынан 99,45 га жер ажыратылып, көмөкчү чарбалар уюштурулган. Мектеп алдындагы чарбалардын көпчүлүгү алма бактары эгилген. Көк-Бел айыл өкмөтүнүн аймагындагы Н. Исанов атындагы орто мектебинде 0,5 сотых жерге теплица курушуп, помидор, кулпунай эгишип, мындан тышкары мектепте 20 коен, 4 саан багытындагы эчки багылып, балдарга ысык тамак берүүдө колдонушууда. Кенеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Шанкол орто мектебинде 160 тоок багылып, балдарга ысык тамак берүүдө пайдаланышууда. Жалпысынан райондогу мектептердеги алма бак жана эгиндердин түшүмдөрүнөн алынган акча каражаты аз камсыз болгон үй-бүлөлөлөрдүн балдарына материалдык жардам катары берилип, окуучуларга ысык тамак берүүдө, мектептердин көйгөйлүү маселелерин чечүүдө пайдаланылууда.

**Мектепке чейинки билим берүү мекемелери**

Балдар бакчалары райондун аймагында 101 мектепке чейинки билим берүү мекемеси болсо, анын ичинен 100 мамлекеттик, ал эми 1 бала бакча жеке менчик болуп эсептелет. Бул балдар бакчаларында 8915 балдарга 616 тарбиячы билим жана тарбия берүүдө. Азыркы учурда мектепке чейинки билим берүү мекемелерине балдарды тартуу **39 % ды түздү** (3,5 жаштан 6 жашка чейинки балдардын саны 23050).

**Ноокат райондук Эмгек жана социалдык өнүгүү** башкармалыгы тарабынан 2022-жылдын ичинде райондогу ар түрдүү категориядагы жардамга муктаж жарандарга социалдык төлөмдөрдү (аз камсыз болгон үй-бүлөргө жөлөкпул, акчалай компенсация жеке ассисент, сөөк коюуга, кош бойлуулук, президенттик өмүрлүк стипендия) төлөп беришкен.

**Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө** 2022-жылдын 31-декабрына карата Ноокат району боюнча 7318 үй бүлөдөгү 25082 балага «үй бүлөгө көмөк» жөлөкпулу дайындалып, райондогу 48758 кожолуктун 15%ын, ал эми 17 жашка чейинки 115 679 баланын 21,7%ын түзөт. Бир айлык керектелүүчү суммасы 30 208,7 миң сом. Жөлөкпулдун бир балага айына орточо өлчөмү 1204,4 сомду түзөт. 2021-жылдын 31-декабрь айына карата 9360 үй-бүлөлөргө «үй бүлөгө көмөк» мамлекеттик жөлөкпул дайындалган ал жалпы кожолуктардын 19,5 %тин түзүп, бала санына карата 27,5 % тин түзгөн. Даректүүлүктү күчөтүүнүн

негизинде 2022-жылы өткөн жылга салыштырганда «үй бүлөгө көмөк» жөлөкпулун алуучулар 2042 үй бүлөгө азайган.

Райондун аймагындагы жалпы 161 улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлгү чектелген жарандар каттоого алынып, башкармалыктын социалдык кызматкерлери тарабынан тейленип келет. 2022-жылдын 31-январына карата 118 жаран кресло коляска алуу үчүн арыз менен кайрылып, 49 жаран коляска менен камсыз болду. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери тарабынан 2022-жылдын 31- декабрына карата район боюнча 16804 аз камсыз үй бүлөгө электрондук социалдык паспорт толтурулду. Анын ичинен 14369 үй бүлө аз камсыз үй бүлө катары электрондук каттоого катталып, бул көрсөткүч жалпы кожолуктун 29,5 % ын түзөт. Жакырчылык денгээли 2021-жылы 34,3% түзсө, 2022-жылы жакырчылык 29,5% түзүп, жакырчылык денгээли 4,8 % га азайган.

**Саламаттык сактоо тармагы боюнча**

Балдардын өлүмүн кыскартуу боюнча айрыкча бир суткага жетпей өлгөндөрдү кыскартуу боюнча энеликти жана балалыкты коргоо боюнча директордун буйругу менен 3 айлык жарыяланып, анын аткарылышы боюнча ай сайын бардык медицина кызматкерлеринин катышуусунда талкууланып, тийиштүү чаралар көрүлүүдө. Ооруканага жаткырылып, үйүнө чыгарылгандар күн сайын “Медигос”,“Барын” амбулатордук бөлүмдөрүнө жана райондук МСЭКБга жөнөтүлүп, көзөмөл жүргүзүлүүдө.

Балдардын ич-өткөк ооруларын алдын алуу боюнча ПОР бөлмөлөрүнүн сезонго даярдыгын жана диспансердик иштердин аткарылышын көзөмөлгө алуу боюнча үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунда жана ФАПтарда аткарылып жаткан иштерди оорукананын адистери тарабынан бригадалар уюштурулуп, ОАА жана МСЭКБнын кызматкерлери менен биргеликте жер-жерлерде методикалык жардам көрсөтүү менен бирге текшерүү жүргүзүлүп, медициналык кеңешмеде каралды.

Дарылоо мекемелеринде 2022-жылдын жыйынтыгы менен энелердин өлүмүнүн бир учуру катталган, көрсөткүч 100 миң тирүү төрөлгөндөргө 0,002% түздү, 2021 жылы да 1 энелердин өлүмү катталган.

**Бюджеттин түзүмүнүн түзүлүшүнүн натыйжалуулугуна анализ.**

Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлиги тарабынан сунуш кылынган көрсөткүчтөрдүн чегинде, Ноокат районундагы жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын 2022-жылга карата жергиликтүү бюджеттеринин жылдык өлчөмү жалпысынан 454772,9 миң сомго бекитилген. Жергиликтүү бюджеттеринин жалпы киреше бөлүгүнүн түзүлүшү негизги төрт бөлүктөн түзүлгөн: салыктык кирешелер, официалдык трансферттер, салыктык эмес кирешелер жана активдер.

а) Салыктык кирешелер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 54,2%ти түзөт) өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- Кыргыз Республикасынын резиденттери-жеке жактардан алынуучу киреше салыгы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100% чегерилүүсү каралган;
- юридикалык жактардын чакан ишкердик субьекттери үчүн бирдиктүү салыгы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % чегерилүүсү каралган;
- менчик салыгы (мүлк салыгы жана жер салыгы), жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % чегерилүүсү каралган;

б) Мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттери (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 22,5%ти түзөт) өзүнө республикалык бюджеттен берилүүчү теңдештирүүчү гранттарды камтыйт.

в) Салыктык эмес кирешелер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 23,2%ти түзөт) өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- айыл чарба эмес багыттагы жерлердин ижарасы үчүн акы дайындоо, мамлекеттик айыл-чарба фондунун жерлеринин ижара акысы, айыл четиндеги жайыттардын ижара акы жана муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % өлчөмүндө каралган;

- атайын каражаттар (ыктыярдуу ата-энелердин төлөмү, спонсордук жардам жана КРнын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык мектепке чейинки мекемелерге материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн алынуучу акы) атайын эсепке 100,0% кириштелет;

- жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы 100% өлчөмдү ээлейт.

- г) Активдер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 0,0 %ти түзөт) өзүнө финансалык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелерди камтыйт.

**Бюджеттин киреше жана чыгашаларынын жазылышынын,**
**алардын өзгөрүшүнүн тууралыгына жана мыйзамдуулугуна аудит.**

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору 2016-жылдын 16-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине” ылайык түзүлгөн.

Жергиликтүү бюджеттердин кийинки жылга долбоорлору ар жыл сайын 1-октябрга чейин кирешелер бөлүгүндө салыктык, салыктык эмес төлөмдөрдүн жана жыйымдардын бардык түрлөрү көрсөтүлүп, ал эми чыгашалар бөлүгү функционалдык жана экономикалык классификациялар боюнча КРнын финансы миңистрлигине берилет.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү Кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары Кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

**2022-жылдын** жергиликтүү бюджеттеринин жалпысы киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча 454772,9 миң сомго бекитилген.

Ал эми 2022-жылдын 1-январына калган калдык 110118 миң сом, анын ичинен 105783,2 миң сом бюджеттик каражаттар жана 4334,7 миң сом атайын каражаттар жергиликтүү Кеңештердин токтомдорунун негизинде бөлүштүрүлгөн.

2022-жылдын бюджетинин аткарылышынын жүрүшүндө бекитилген бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилген. Жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттер жалпысы 54213,7 миң сомго такталган, анын ичинде атайын каражаттар 18393,2 миң сомго.

**Жергиликтүү бюджеттердин божомолунун**
**түзүлүшүнө анализ жана бюджеттин резервтерин аныктоо**

Ноокат району боюнча мамлекеттик салык башкармалыгынын 7-Н формасынын отчетунда **01.01.2022-жылга** төлөнбөгөн негизги салык карыздарынын суммасы 16507,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- киреше салыгы - 383,6 миң сом;
- пайдага салыгы – 5420,1 миң сом;
- кошумча нарк салыгы – 4936,7 миң сом;
- жер салыгы – 1176,7 миң сом ;

- кыймылсыз мүлккө салыгы – 159,1 миң сом;
- кыймылдуу мүлккө салыгы – 638,2 миң сом;
- жер казынасын пайдалануудан алынуучу салык – 478,1 миң сом;
- сатуудан алынуучу салыгы – 1127,7 миң сом;
- кошумча нарк салыгы (ЕАЭС) – 2113,4 миң сом;
- башка салыктардан – 73,5 миң сом.

**01.01.2023-жылга** төлөнбөгөн салык карыздарынын суммасы 20548,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- киреше салыгы – 539,4 миң сом;
- пайдага салыгы – 5021,7 миң сом;
- кошумча нарк салыгы – 4860,0 миң сом;
- жер салыгы – 1332,8 миң сом ;
- кыймылсыз мүлккө салыгы – 247,8 миң сом;
- кыймылдуу мүлккө салыгы – 467,4 миң сом;
- жер казынасын пайдалануудан алынуучу салык 540,3 миң сом;
- сатуудан алынуучу салыгы – 1709,7 миң сом;
- кошумча нарк салыгы (ЕАЭС) – 4995,6 миң сом;
- башка салыктардан – 833,8 миң сом.

01.01.2022-жылга салыштырмалуу, 01.01.2023-жылга карата төлөнбөгөн салык боюнча карыздар 4041,4 миң сомго кобойгон.

Төлөнбөгөн салыктар боюнча карыздардын өзгөрүүсүн ала турган болсок, 10 түрдүн 3 түрүнөн өткөн жылга салыштырмалуу жалпысы 645,9 миң сомго салык карыздары азайса, 7 түрү боюнча жалпысы 4787,3 миң сомго салык карыздары көбөйгөн.

**Бюджеттин кирешелер түзүмүнүн бекитилген параметрлерине салыштырмалуу бюджеттин аткарылышына аудит жана анализ.**

**2022-жылга** салыктык кирешелер планы 362493,2 миң сомго такталган. Жылдын жыйынтыгы менен салыктык кирешелердин түшүшү 388176,0 миң сомду түзүп, планга караганда 325682,8 миң сомго көп болгон же 107,1 %ке аткарылган.

Салыктык эмес кирешелер 90283,6 миң сомго такталган. Жыл ичинде салыктык эмес кирешелердин жыйналышы 92372,5 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 2088,9 миң сомго көп аткарылып, план 107,8% түзгөн.

Ал эми активдер боюнча киреше булагынын такталган пландары 567,8 миң сом болсо, жыл ичинде 2826,7 миң сом киреше чогулган.

**Республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттердин толук түшүшүнө анализ.**

**2022-жылы** республикалык бюджеттен алынган трансферттердин жалпы суммасы 126762 миң сомду түзгөн (жалпы бюджеттин көлөмүнүн 20,8%). Такталган пландын чегинде аткарылган. Анын ичинен:

- теңдештирүүчү грант 55041,2 миң сом;
- республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттардын жалпы суммасы 71720,8 миң сом. Андан: Аппарат кызматкерлеринин эмгек акыларынын жогорулагандыгы боюнча айырмалар үчүн 42167,1 миң сом, маданият мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акыларынын жогорулагандыгы боюнча айырмалар үчүн 7656,9 миң сом, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча каржылоолор (статистерге) 5627,3 миң сом, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча каржылоолор (ГРС) 2619,7 миң сом, салыктык кирешелердин ордун толтуруу (выпадение налог) 10576,6 миң сом, тоолуу аймактардагы абоненттердин

пайдаланган электр энергиясы үчүн компенсацияларга 1073,2 миң сом жана КР ЖК чечиминин негизинде 2000,0 миң сом.

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын каржыланышына жана пайдаланышына аудит.**

**2022-жыл** аралыгында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жалпысы 24570,8 миң сомдук долбоорлор дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржыланып, ишке ашырылган. Анын ичинен: республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 21035,5 миң сом, өздүк салымдар 3535,3 миң сом.

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын сарпталышы айылдык аймактар боюнча алсак: Кыргыз-Ата айыл аймагы боюнча 2 долбоорго 5641,8 миң сом, Кенеш айыл аймагы 3 долбоорго 8009,6 миң сом, Гулистан айыл аймагы 1 долбоорго 3084,0 миң сом, Зулпуев айыл аймагы 1 долбоорго 2 108,9 миң сом, Бел айыл аймагы 1 долбоор 2586,5миң сом, Мирмахмудов айыл аймагы 1долбоор 3140,0 миң сом.

**2022-жылдарга жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын аткарылышынын функционалдык түзүлүшүнө аудит.**

**2022-жылы** жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды кошкондо такталган план 690544,3 миң сомду түзгөн. Ал эми кассалык аткарылганы 594034,1 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 96510,2 миң сомго аз же 86%ти түзгөн. Мындан тышкары активдер боюнча бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн такталган пландары 220229 миң сомду түзсө, кассалык аткарылышы 173650,8 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 46578,2 миң сомго аз же 78,9 %ды түзгөн.

**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар.**

Аталган бөлүк боюнча 2022-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгымдары 192139,2 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 170080,1 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 22059,1 миң сомго аз болгон же 88,5 %ке аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 7412,4 миң сом, чыгымдалганы 4866 миң сом, же 65,6 %га аткарылган.

**Жарандык коргонуу**

Аталган бөлүк боюнча 2022-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгымдары 9961 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 8490,4 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 1470,6 миң сомго аз болгон же 85,2 %га аткарылган.

Ноокат району боюнча Кыпгыз Республикасынын Министрилер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №178-т буйругун аткаруу жөнүндөгү Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 10-апрелиндеги буйругуна ылайк. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын иш-чараларынын планына ылайык, Ноокат районунун аймагында “Коопсуздук 2022” штабдык командалык, “Түшүк 2022” аталыштагы комплекстүү мобилизациялык аскердик машыгууларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен 2022-жылдын 24-26-май күндөрү өткөрүлгөн ишчараларга Ноокат районунун айыл өкмөттөрү жана мэрия тарабынан 1 935,0 миң сом Ноокат Райондук Аскер Комиссариятына бөлүнүп берилген.

**Экономикалык маселелер.**

2022-жыл үчүн ушул бөлүк боюнча такталган план 107072,4 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 91925,1 миң сом же болбосо 15147,3 миң сомго аз

чыгымдалып, жеткирилген план 85,9 %ке аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 69152,2 миң сом, чыгымдалганы 58636,3 миң сом, же 84,8 %га аткарылган.

**Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр.**

2022-жылы бул бөлүк боюнча такталган план 131882 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 99127 миң сом же болбосо 32755 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 75,2 %ке аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 77861,1 миң сом, чыгымдалганы 50458,6 миң сом, же 64,8 %га аткарылган.

**Эс алуу, маданият жана дин.**

2022-жылы бул бөлүк боюнча такталган план 49680,3 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 45340,7 миң сом же болбосо 4339,6 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 91,3 %ке аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 14763 миң сом, чыгымдалганы 13041 миң сом, же 88,3 %га аткарылган.

**Билим берүү.**

2022-жыл үчүн бул тармак боюнча такталган план 183067,2 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 163314,2 миң сом же болбосо 19753 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 89,2 %ке аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 51040,3 миң сом, чыгымдалганы 46648,9 миң сом же болбосо 91,4 %га аткарылган.

**Социалдык коргоо.**

2022-жылга бул бөлүк боюнча такталган план 10077,3 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 9654,7 миң сом же болбосо 422,6 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 95,8 %га аткарылган.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мындан мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйругунун аткарылышы.**

2021-жылдын 1-январынын 31-декабрына чейинки Ноокат районунун Социалдык-экономикалык өнүгүүсүн талдоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы боюнча аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн аудиттик топ тарабынан жүргүзүлүп, 2022-жылдын 1-декабрында отчет түзүлгөн. Аудиттин жыйынтыгы менен жалпысы болуп **7047,4 миң** сом финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги **39,3 миң сом**, эмгек акыга негизсиз төлөөлөр **115,6 миң** сом, товардык-материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз чыгыштоолоор 403,1 миң сом, бюджеттик каражаттарды максатсыз чыгымдоолор **337,0** миң сом, дебитордук карыздарды эсептен жашыруулар 1439,4 **миң** сом, бюджетке кошумча эсептөөлөр 114,6 миң сом, КР Социалдык фондуна кошумча эсептөөлөр 127,8 миң сом.

Жалпы финансылык бузуулардан ордуна коюлууга тийиш болгон сумма 7047,4 миң сом болсо, аудит учурунда ордуна коюлганы 1744,3 миң сом, калган 5303,1 миң сом аудиттен кийин ордуна коюлган. Аныкталган каржылык бузуулар ондурулгон жана тийешелуу бюджеттерге кайтарылган.

Аткарылган иштер жана толонгон акча каражаттары боюнча маалыматтар жергиликтуу оз алдынча башкаруу органдары жана ишканалар тарабынан Кыргыз Республикасынын Эсептоо палатасынын Ош шаары.Ош.Жалал-Абад жана Баткен областары боюнча аймактык болунушуно берилген.

Мындан сырткары 2278,0 миң сомдук бюджеттик жоготуулар жана резервдер аныкталган, анын ичинен товардык-материалдык баалуулуктарды нормадан ашыкча сарптоолор 59,5 миң сом, башка резервдер жана жоготуулар 2218,5 миң сом.

Ноокат районунун Социалдык-экономикалык өнүгүүсүн талдоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын 13-апрелиндеги №01-08/33 жазма буйругу жөнөтүлгөн .

Аудиттин жыйынтыгы боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө КР ФМ Ноокат башкармалыгынын 2023-жылдын 16-майындагы №01-3/8, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 12-майындагы №01-25/1500 жооп каттары КР Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүшүнө жиберилген.

Аудиттин жыйынтыгында Жаңы-ноокат айыл өкмөтүндөгү курулуш иштерине жүргузулгөн аудиттин жыйынтыг менен аныкталган 58,3 миң сом азыркы күнгө чейин кайтарыла элек экендиги аныкталды, калган аудит объектилеринде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча жазылган отчёттордо, мурдакы аудиттин жыйынтыктары боюнча көрүлгөн чаралардын толук жана туура экендин тастыкталган.

## ЖЫЙЫНТЫК:

**Ноокат райондук жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүн аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган финансылык бузуулар боюнча жыйынтыктоо:**

Ноокат районунун социалдык-экономикалык өнүгүсүнө жана 2022-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпысынан – **23030,4 миң. сомдук** финансылык четтөөлөр (бузуулар) аныкталды, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон финансылык бузуулар **20612,7 миң сом**, аудит учурунда ордуна коюлганы **8118,2 миң** сом, андан бюджетке калыбына келтирилгени **2189,2 миң** сом, мекемеге калыбына келтирилгент **5929,0 миң** сом, ордуна коюлбаганы **12494,5 миң сом**, бузуулардын классификатору боюнча:

- **(110105)** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун туура келбеши (киреше булагын туура эмес пландоо) **954,5 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок.

- **(210201) –** Бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү боюнча, алар боюнча туумдардын жана айып пулдарды эсептөө жана төлөө боюнча контролду жүргүзүү боюнча чаралардын көрүлбөшү (бюджетке жана СФ кошумча эсептөөлөр) **1273,8 миң сом**, ордуна коюлууга тийиш суммасы **73,8** миң сом, аудит учурунда **14,6 миң** сом бюджетке калыбына келтирилген, **59,2 миң** сом ордуна коюлган жок;

- **(210305)** - Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдү чегербөө же толук эмес чегерүү **(**Салыкка, СФ кошумча эсептөөлөр) **86,4 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда толук бюджетке калыбына келтирилди;

- **(230105)** - максатсыз чыгымдар **30,5 миң сом,** аудит учурунда мекемеге калыбына келтирилди;

- **(230109) –** казынага түшпөй пайдаланылган каражаттар **185,5** миң осм, аныкталган каржы бузуулар толук бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш, аудит учурунда толук бойдон бюджетке калыбына келтирилди;

- **(230207)** – курулуш иштеринин көлөмун жана баасын негизсиз жогорулатуу жалпы **2191,5 миң** сом, толук ордуна коюлуууга тийиш, аудит учурунда **113,8 миң** сом ордуна коюлган, **2077,7 миң сом** ордуна коюлган жок;

- **(230303)** эмгек акынын нормадан ашыкча төлөнүшү **1054,8 миң** сом, анын ордуна коюлууга жатпайт;

- **( 230305)** Товардык материалдык баалуулуктардын нормадан ашыкча чыгашалары **551,8 миң** сом, анын ичинен **546,6 миң** сому ордуна коюлууга жатат, ордуна коюлган жок;

- **(230306)** – товардык материалдык баалуулуктардын, акча каражаттарынын номадан ашыкча запастары **270,5 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда ордуна коюлган жок;

- **(230402) –** отчеттуу кызматкерлердин иштен бошогондон кийин, отчеттуулукка берилген акча каражаттарынын кайтарылбашы **100,0 миң сом**, толук ордуна коюлууга жатат, ордуна коюлган жок;

- **(310104)-** Негизги каражаттардын кириштөө тартибин бузуу, белгиленген тартипте бухгалтердик эсепке алынбай калган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктөрдүн болушу **11287,0 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **4200,5 миң с**ом мекемеге ордуна коюлган, **7086,5 миң** сом ордуна коюлган жок;

- **(310105)** – Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражатынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) **2023,5** миң сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда мекемеге **181,4 миң** сом, бюджетке **1838,5 миң сом** калыбына келтирилди;

- **(310106)** – Тастыктоочу документтери жок туруп, мүлктү жана товардык материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу жана мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү мыйзамга ылайыксыз эсептен чыгаруу **100,7 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, мекемеге калыбына келтирилди;

- **(310204)** - Ижара келишимин бузуу **45,0 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **45,0 м**и**ң** сом бюджетке калыбына келтирилди;

- **(410205)** Эмгек акы,сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөөдөгү бузуулар, ашыкча төлөөлөр **439,3 миң** сом, анын ичинен **281,6** миң сом ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **92,3 миң** сом мекемеге, **8,0 миң сом** бюджетке ордуна коюлду, **181,3 миң сом** ордуна коюлган жок;

- **(410215)** Дебитордук карызды бухгалтердик эсепке алуудагы бузуулар **2435,8 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **11,2 миң** сом бюджетке, **1079,8 миң** сом мекемеге калыбына келтирилген, 1344,8 миң сом ордуна коюлган жок.

**Анын ичинен жергиликтүү өз-алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык, бюджеттик мекемелер боюнча төмөндөгүлөр аныкталды:**

**1.Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы боюнча** (Администрация башчысы-аким Иманалиев Данир Белекович, башкы бухгалтери Нарматов Махамадсоли Мамасидикович).

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы 2022-жыл аралыгындагы бюджеттик жана атайын каражаттардын пайдаланышына, шайкештик аудит жүргүзүү боюнча иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**2. КРнын финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгы** (башчысы С.Акмаматов финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы-башкы бухгалтер Б.Таалайбек уулу).

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, КРнын финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгы 2022-жыл аралыгындагы бюджеттик жана атайын каражаттардын пайдаланышына, шайкештик аудит жүргүзүү боюнча иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**3. Ноокат "Райондук региондорду өнүктүрүү фонду" мекемеси дирекциясы** (директору- Н.Э.Асанов, башкы бухгалтер И.Б. Абдуллаев).

**Табуу 3.1.1** Ноокат райондук региондорду өнүктүрүү фондусуна 2022-жылга жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынан, юридикалык жана жеке тараптардан тиешелүү долбоорлор түзүлүп ишке ашырылышын аудиттин жүргүзүлгөн, натыйжада 1-январына карата Фонддун иштетилбей калган бюджеттик акча каражатынын калдыгы – 1740,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуш 3.1.1.** Ноокат райондук региондорду өнүктүрүү фондусунда бюджеттик каражатты пайдалануу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2023-жылдын 16-январындагы № 20 токтому менен бекитилген "Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү" жобосунун талаптарына ылайык, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, юридикалык жана жеке тараптар менен тиешелүү долбоорлор иштелип чыгып, фонддун байкоочу кеңешинин чечиминин негизинде, каржылоолор максаттуу багытында жүргүзүлүүсү камсыздалсын.

**4. Ноокат шаардык мэриясы** (шаардын мэри- Т.Тезекбаев, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы-башкы бухгалтер Абдивахидов М.Ш.).

**Табуу: 1.1.**

2022-жылдын март-июль айларында Ноокат шаардык мэриясынын бала бакчалары боюнча эсепчиси (Мамажанова Х.К.) кызматынын бир штат бирдиги ашыкча кармалган. Ага жалпы 42,9 миң сом эмгек акы жана 7,4 миң сом социалдык фондко чегерүү бардыгы болуп **50,3 миң** сом төлөнүп берилген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүнүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө"токтомунун талаптары сакталбай, ашыкча штат бирдигин кармоого жол берилген.

**Сунуш**: **1.1.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүнүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө"токтомунун талаптары сакталсын. Ашыкча кармалган штат бирдиги кыскартылсын.

**Табуу: 1.2.**

Кыргыз республикасынын 2021-жылдын №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 40 беренесинин 6 бөлүгүнүн "Калкынын саны 20001 адамдан аз болгон жергиликтүү кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин коомдук башталышта аткарат, бирок жергиликтүү кеңештин сессиясы иштеген мезгилде калкынын саны 20001 адамдан ашкан жергиликтүү кеңештин төрагасы үчүн белгиленген эмгек акынын өлчөмүндө бир жолку компенсация алат" – деп көрсөтүлгөн. Бирок ал талаптары сакталбастан шаардык Кеңештин төрагасына ар ай сайын эмгек акы төлөөгө жол берилип натыйжада эмгек акыга 406,8 миң сом, социалдык

чегерүүлөргө миң сом  70,2 миң сом бардыгы болуп **477,0 миң сом** төлөнүп берилип бюджеттик жоготууга жол берилген.  Ноокат шаары боюнча 2023-жылдын 1-январына карата жалпы калктын саны 15451 кишини тузгөн.

**Сунуш**:  **1.2.**

Кыргыз республикасынын  2021-жылдын 20-октябры №123 "Жергиликтүү мамлекеттик админиcтрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын талаптары аткарууга алынсын. Бюджеттик жоготууга жол берген жоoптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Табуу 1.3.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27-апрель 2015-жылдагы №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу же кооптуу эмгек шарттарындагы жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмесин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары сакталбай же иш орундарга атестация иштери жүргүзүлбөй мэриянын жана шаардык Кеңештин кызматкерлерине **361,8 миң** сом эмгек акы ал эми социалдык фондко чегерүлөргө **62,4 миң** сом жалпысынан **424,2 миң сом** негизсин төлөөгө жол берилген.

**Сунуш 1.3.**

Кыргыз Республикасынын Окмотүнүн 27-апрель 2015-жылдагы №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу же кооптуу эмгек шарттарындагы жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмесин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары сакталсын.

Кыргыз Республикасынын Президентинин  1-август, 2022-жылдагы № 266 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө"жарлыгынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.Негизсиз чыгымдарга жолберген тийиштүү жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Табуу1.4.**

Кыргыз Республикасынын финансы миңистрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" жобонун 5-пунктунун талаптары толук сакталбастан. Кыргыз Республикасынын Маданият маалымат, спорт жана жаштар саясаты министирлиги менен ПРООНдун  жана Ноокат шаар мэриясы менен үч тараптуу түзүлгөн келишимдин негизинде ишке ашып жаткан Жаштар борборун курууга өздүк салым үчүн 23-декабрь 2022-жылы 1000,0 сом ПРООНго которулуп берилилип ушул күнгө чейин жумуштар аткарылбаганына карабастан дебитордук карыз мэриянын балансасына чагылдырылбай 1000,0 миң сомдук  дебитордук карыздарды жаап жашырууларга жол берилгендиги аныкталды.

**Сунуш 1.4.**

Ар түрдүү берүүчулор жана подрядчылар менен эсептешүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары

сакталсын. Аудитте аныкталган **1000,0 мин сомдук** дебитордук жашырулар калыбына келтирилсин.

**Табуу1.5.**

Кыргыз Республикасынын финансы миңистрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" жобонун 5-пунктунун талаптары толук сакталбастан, Ноокат шаардык мэринин 2023-жылдын 31-июлундагы № 01-9/169 буйругунун негизинде негизги жана айланма каражаттарга комиссиялык инвентаризация жүргүзүлүп **3,4 миң** сом жетишпегендиктер аныкталган. 2022-жыл ичинде сатып алынган негизги каражаттардын кириштелиши боюнча тандап алуу жолу менен текшерүүнүн натыйжасында 383,0 миң сомдук негизги каражаттар балансҡа алынбагандыгы аныкталды.

Ноокат шаардык Кеңешинин 2021-жылы 8-июлунда №5 токтому менен "Ноокат Коомунальщик АК" жоюлуп, мүлктөрүн толук Ноокат Тазалык ишканасына өткөрүп берүү жагы Ноокат шаарынын мэрине милдеттендирилген, бирок өткөрүп берүү жагы аткарууга алынган эмес. Аудит учурунда көрүлгөн чаралардын негизинде Ноокат шаарынын мэринин 2023-жылдын 14-сентябрындагы №01-9/188 буйругуна ылайык инвентаризация иштери жүргүзүлүп 2 227,3 миң сомдук негизги каражаттар балансҡа алынбагандыгы аныкталып аудит учурунда Ноокат шаарынын мэриясынын кызматкерлеринин маалыматы боюнча "Ноокат Коомунальщик АК" ишканасы Ноокат Тазалык муниципалдык ишканасынын балансасына өкөрүлүп берилген.

**Сунуш 1.5.**

Мекеменин эсеп-учету Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Аудитте аныкталган **3,4 миң сомдук** материалдык баалуулуктардын жетишпестиктери базар баасында бюджетке кайтарылсын жана **383,0 миң** сомдук ашыкча баалуулуктар бухгалтердик эсепке калыбына келтирилсин.

**Табуу: 1.6.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августунда № 471 "Сапар чыгымдарын төлөө" жөнүндөгү токтомунун талаптары аткарылбастан, аудит мезгилинде Ноокат шаардык мэриясынын кызматкерлеринин сапарга чыккандыгы боюнча 2 кызматкерине 2,3 миң сомго ашыкча төлөө учурлары аныкталды, Анын ичинен; күнүмдүк чыгашага **2,3 миң сом** жыйынтыгында аудит учурунда ордуна коюлган эмес.

**Сунуш 1.6.**

Ноокат шаардык мэриясынын сапар чыгымдарын сарптоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августунда № 471 "Сапар чыгымдарын төлөө" жөнүндөгү токтомунун талаптарын негизинде жүргүзүлсүн. Ашыкча төлөнгөн **2,3** мин сом сапар чыгымдары тийиштүү тараптардан бюджетке кайтарылсын.

**Табуу: 1.7.**

Кыргыз Республикасынын финансы миңистрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары толук аткарууга алынбаган.

**Сунуш 1.7.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык, негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктарын сакталышына тийиштүү деңгээлде көзөмөл жүргүзүлүп, жетишпестиктерге жол берилбесин.

**5. Бел айыл өкмөтү** (өкмөт башчысы Б. Касымов, Бел айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнүн башчысы – Ж. Сайдаматов).

**№ 1. Табуу:**

Аудит мезгилинде, Бел айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин штаттык бирдиктеринин кармалышына жана эсептелген эмгек акыларына, үстөк акыларына аудит жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37- беренесинин 2-пунктунда талаптарын бузууга жол берилген.

**№ 1. Тыянак:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37- беренесинин 2-пунктунда “Кызматчынын мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта туруусунун чектүү курагы 65 жашты түзөт” деп белгиленген, жыйынтыгында аталган берененин талапары сакталбаган. Атап айтканда, айыл өкмөттүн жооптуу катчысы - А. Жумаева 67 жаш курагында эмгектенип келе жатат, жыл ичинде 348,1 миң сом эмгек акы төлөнүп берилген.

**№ 1. Сунуш:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” №125 Мыйзамынын 37-беренесинин талаптарын аткаруу жагы сунушталат.

**№ 2. Табуу:**

Бел айыл өкмөтүнүн аймагындагы “Достук” маданият үйүнүн имаратынын 1 кабатындагы бөлмөлөрдү, маданият үйүнүн астындагы (прилегающая територрия) жер аянтын жана Г. Акматов көчөсүндө жайгашкан автодромду, “Унаа” МИ сына 60 айга (5 жылга) акысыз пайдаланууга берилген.

**№ 2. Тыянак:**

“Унаа” МИ сы менен айыл өкмөт башчысы – М. Алмабашов ортосунда эки тараптуу “Келишим” түзүлүп, акысыз 60 айга (5 жылга) пайдаланууга берилген. Келишим 2022-жылдын 21-ноябрында түзүлгөн, акысыз пайдаланууга берилген обьектилердин жана жердин жалпы аянты 2821 м.кв. түзөт.

**№ 2. Сунуш:**

Жогоруда аталган аянттарды пайдаланууда жана ижара келишимин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарына ылайык пайдаланууга берилсин.

**№ 3. Табуу:**

Аудит учурунда, жеке менчиктеги автоунааны кызматтык унаа катары пайдаланууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.09.2006-жылдагы № 672 «Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалар жөнүндө» токтомунун талаптарын бузууга жол берилген. Атап айтканда, токтомдо жеке менчик жеңил автомобилин кызматтык

сапарга пайдаланган кызматкерлерге компенсация төлөө үчүн негиз ишкананын, уюмдун жана мекеменин жетекчисинин буйругу болот, анда мындай компенсациянын өлчөмдөрү каралат. Кызматкерге төлөөчү компенсациянын өлчөмүндө кызматтык сапарга пайдаланылган жеке менчик жеңил автомобилди эксплуатациялоо үчүн 100 км жолго кетүүчү чыгымдар (эскиришинин суммасы, күйүүчү-майлоочу материалдарга, техникалык тейлөөгө жана утурумдук ремонтко чыгымдар) эсепке алынаары белгиленген.

**№ 3. Тыянак:**

Жеке менчиктеги автоунааны кызматтык унаа катары пайдаланууда, кызматтык автоунаа айыл өкмөттүн балансасында жок болгондугуна байланыштуу "Айдоочу" штат бирдигин кармоо зарылчылыгы жок деп эсептейм, жыйынтыгында жыл ичинде **149,0** миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн, штат бирдигин каржылоону токтотууга жатат.

**№ 3. Сунуш:**

Негизсиз эмгек акыларды төлөөгө жол берилбесин, аталган штат бирдигин каржылоо токтотулсун. Айыл өкмөттүн балансасында кызматтык автоунаа жок болгондугуна байланыштуу, жеке менчиктеги автоунааны кызматтык автоунаа катары пайдалануу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.09.2006-жылдагы №672 «Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалар жөнүндө» токтомуна ылайык жүргүзүлсүн.

**№ 4. Табуу:**

Аудит мезгилинде, жайыт пайдалануучулар бирикмеси иштетип келе жаткан, 2018-жылы үч тараптуу "Келишимдин" негизинде, АРИС долбоорунун каржылоосу менен баасы **2620,0** миң сомдук (1965,0 миң сом АРИС, 655,0 миң сом жергиликтүү бюджет), 2018-жылы заводдон чыгарылган "АМКОДОР 702ЕМ-0,3" үлгүсүндөгү тракторду, ушул маалга чейин эч кимдин балансасында катталбаганы аныкталды.

**№ 4. Тыянак:**

Аталган "Трактор" үч тараптуу келишимдин шарты боюнча, муниципалдык менчике айыл өкмөттүн балансасына алынаары белгиленген. Аудит учурунда, негизги жана башка ТМБ га жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы менен, трактор айыл өкмөттүн балансасына киритштелип, тийиштүү бухгалтердик проводкалар берилди.

**№ 4. Сунуш:**

Негизги каражаттардын жана башка ТМБ нын кириштелүүсү, чыгышталуусу, ошондой эле жалпы бухгалтердик эсепти жүргүзүү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобосуна ылайык алып барылсын.

**№ 5. Табуу:**

Аудит мезгилинде, жылдык отчет форма № 1 "Баланс" отчетунун 3-тиркемесинде чагылдырылган маалыматка ылайык, 2022-жылдын аягына карата сатып алынган отун каражаттарын пайдаланууда, нормадан ашыкча запастарын эсепке алуу (зачетко) жүргүзүлбөй келген.

**№ 5. Тыянак:**

"Баланс" отчетунун 3-тиркемесинде чагылдырылган маалыматка ылайык, 2022-жылдын аягына карата сатып алынган отун каражаттарын пайдаланууда, жылдын башына 266,8 миң сомдук отун запастарынан калдык болгон, жыл ичинде

1031,2 миң сомдук товар сатып алынып кампага кириштелген, жыл ичинде 770,6 миң сомдук отун сарпталган, жылдын аягына 527,4 миң сомдук отун каражаттарынан калдык калган, жыйынтыгында 270,5 миң сомдук нормадан ашыкча запастарын эсепке алуу (зачетко) жүргүзүлгөн эмес (770618/360*120=256872 сом; 527400-256872=270528 с.).

**№ 5. Сунуш:**

Нормадан ашыкча запастарын эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттин эсебинен каржыланган ишканалардагы нормадан ашкан запастар менен ТМБ зачеттон өткөрүү боюнча» Жобосунун негизинде жүргүзүлсүн.

Аудит учурунда аныкталган **270,5 миң сомдук** нормадан ашыкча запастарды эсепке алуу (зачетко) боюнча иш чаралар жүргүзүлүп, ордуна коюлсун.

**№ 6. Табуу:**

«Бел» айыл өкмөтүндө МКБФ нун жерлерин ижаралоодо, 2022-жылга ижара акы 470,0 миң сомго такталып бекитилген, анык аткарылганы 289,1 миң сомду түзгөн, ижара акы 180,9 миң сомго кем аткарылып, бюджеттин киреше бөлүгү кем аткарылган, б.а. ижара акы планы 61,5 % га аткарылган. Ошондой эле жайыт комитетинин ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, 2022-жылга 298,4 миң сом киреше белгиленген, аныгында 154,2 миң сом жайыт ижара акысы чогултулган, натыйжада киреше бекитилген пландан 144,2 миң сомго кем аткарылып, бюджеттин киреше бөлүгүнүн кем аткарылышына алып келген.

**№ 6. Сунуш:**

Бухгалтердик эсепти жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптарына ылайык алып барылсын, ижара планын кем аткарууга жол берилбесин.

МКБФ нун жерлерин пайдалануучу ижарачылардан өндүрүлбөй калган **180,9** миң сом ижара акы жана **144,2** миң сом жайыт акы өндүрүлүп, тийиштүү бюджетке которулсун.

**6.Гулистан айыл өкмөтү (башчысы –** Э.Б. Шаназаров**,** финансы экономикалык бөлүмүнүн башчысы Ш. Таштемиров**.).**

**1.1. Табуу жана тыянак:**

Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын", Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" жобонун 5-пунктунун талаптары толук сакталбастан 2022-жылда Айыл өкмөттүн кассасынан 2215 "Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу" беренесинен **30,5 миң сом** максатсыз түрдө 2211 "Кызматтык иш сапарларга чыгашалар" беренесине чыгымдалып кеткен. Аудит учурунда тиешелүү беренеден 30,0 миң кыскартылып ордуна коюлду.

**1.1. Сунуш:**

Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын" жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген

“Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары боюнча бюджеттик каражаттарды максатсыз чыгымдоого жол берилбесин.

**2.1. Табуу жана тыянак:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген 1-тиркемесиндеги эселөө коэффициенттерин аныктоодо 2,1 коэффициенттин ордуна туура эмес 2,3 коэффициент белгиленгендиктен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-августундагы №429 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталбагандыктан, Мекеменин 6 кызматкерине жалпы **38,2 миң сом** айлык маяна негизсиз ашыкча төлөнүп берилгендиги аныкталды.

**2.1. Сунуш:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын жана негизсиз ашыкча айлык маяна төлөөгө жол берилбесин.

Мекеменин кызматкерлерине негизсиз ашыкча төлөнүп берилген жалпы **38,2 миң сом** айлык маяна ордуна коюлсун.

**2.2. Табуу жана тыянак:**

2022-жылы жалпы 2 кызматкерге ашыкча акы төлөнүүчү эмгек өргүү берилгендиги аныкталды. Аларга акы төлөнүүчү эмгек өргүүгө жалпы **2,3 миң сом** ашыкча төлөнүп берилген. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында 2,3 миң сом накталай төлөмгө берилген квитанциялардын негизинде бюджетке ордуна коюлду.

**2.2. Сунуш:**

Ашыкча төлөнүп берилген 2,3 миң сом ордуна коюлсун жана акы төлөнүүчү эмгек өргүү берүүдө “Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин” жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптары аткарылсын.

**3.1. Табуу жана тыянак:**

Мекеменин 4 кызматкерине командировкалык чыгымдары үчүн 2022-жылы жалпы **8,8 миң сом** негизсиз ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды, анын ичинен: жол кире чыгымдарына 7,8 миң сом жана суткалык акы төлөөгө 1,0 миң сом.

**3.1. Сунуш:**

Командировкалык чыгымдарды төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптары аткарылсын. Командировкалык чыгымдарга ашыкча төлөнгөн **8,8 миң сом** ордуна коюлсун.

**4.1. Табуу жана тыянак:**

2022-жылдын 25-мартындагы №28/96 келишимдин негизинде, Гулистан айыл аймагындагы Чили-Сай орто мектебине спорт зал куруу үчүн АПУ, ИТУ жана Топо-Тосмо даярдоого Айыл өкмөт тарабынан Ноокат райондук шаар куруу жана

архитектура башкармалыгына **15,9 миң сом** которулуп берилген. Ноокат райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгы тарабынан аталган архитектуралык иш кагаздар даярдалып, Айыл өкмөткө өткөрүлүп берилбегендиги жана ал дебитордук сумма 01.01.2023-жылга карата балanска көрсөтүлбөстөн дебитордук карызды жашыруу болгондугу аныкталды.

**4.1. Сунуш:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2013-жылдын 30-декабрындагы № 221-П токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелердин бухгалтердик эсеби жана отчеттуулугу боюнча ченемдик укуктук актыларды жана методологиялык документтерди бекитүү тууралуу» Жобонун талаптары сакталсын. Эсептен жашырылган **15,9 миң сомдук** дебитордук карыздар ордуна коюлсун.

**5.1. Табуу жана тыянак:**

Гулистан айылдык аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинде, аудит учурунда эсептелген эмгек акылар жана чегирилген соцтөлөмдөр, салыктардын туура чегирилиши жана толук төлөнүшү боюнча текшергенде, 2022-жылдын январь айынан тартып 2022-жылдын декабрь айына карата социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнө **13,6 миң сом** жана киреше салыктарына **3,9 миң сом** төлөмдөрү жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды.

**5.1. Сунуш:**

Мындан ары Жайыт комитетинде эмгек акыларды чегерүүдө Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары аткарылсын.

Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнө **13,6 миң** сом жана киреше салыктарына **3,9 миң сом** төлөмдөрү тиешелүү бюджеттерге которулуп, отчеттор тапшырылсын.

**5.2. Табуу жана тыянак:**

Жайыт комитетинде социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнө төлөмдөрү убагында которулбагандыгына байланыштуу **3,9 миң сом** туум (пеня) эсептелип, Жайыт комитети тарабынан 2022-жылы төлөнүп берилгендиктен бюджеттик жоготуу болгон.

**5.2. Сунуш:**

Мындан ары бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.

**5.3. Табуу жана тыянак:**

Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде 2022-жылда Р.Ү.Сагынбаевге жоопкерчиликке берилген жалпы **3,1 миң сом** акча каражаттарына отчет тапшырылбай келгендиги жана дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөндүгү аныкталды. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында 3,1 миң сом 04.08.2023-жылдагы накталай төлөмгө берилген квитанциялардын негизинде бюджетке ордуна коюлду.

**5.3. Сунуш:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык жоопкерчиликке берилген акча каражаттарына 3 күндөн кечиктирилбестен отчёттор алынсын.

**7. Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү** (башчысы – А. Тиленбаев, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы– М. Махмудов).

**Табуу: 1**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талабы сактабастан, 2022-жыл аралыгында Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн ВУС адиси А. Абдилхамидовго - 13,1 миң сом, социалдык маселелер боюнча адис Д. Худайназаровага 13,7 миң сом, иштеген жылдар үчүн үстөк пайызы туура эмес эсептелип төлөнгөн. Жалпысынан **26,8** миң сом ашыкча төлөнгөн.

**Тыянак: 1.**

Кызматкерлердин иштеген жылдар үчүн үстөк пайызын эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талабы, бузууга жол берилген. Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн бухгалтердик тактамасынын негизинде ВУС адиси О. Абдилхамидовга - 13,1 миң сом, социалдык маселелр боюнча адис Д. Худайбердиевага 13,7 миң сом эмгек акысына дебитордук карыз катары эсепке алынды.

**Сунуш : 1.**

Мындан ары кызматкерлердин иштеген жылдар үчүн үстөк пайызын төлөө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу: 2.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августунадагы №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бекитүү жөнүндөгү” токтомунун талабы сактабастан, Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн Айылдык аймактын администрациялык борбору болуп саналган Жаңы-Ноокат айылына “Айыл башчысы" (айылдын старостасы) кызмат орду кармалып Сабиров Маматюсуп Тажымаматовиче **314,9** миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Тыянак: 2.**

Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн штаттык бирдигин түзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августунадагы №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бекитүү жөнүндөгү” токтомунун талабын бузууга жол берилген. 2023-жылы Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн Айылдык аймактын администрациялык борбору болуп саналган Жаңы-Ноокат айылына “Айыл башчысы" (айылдын старостасы) кызмат орду кыскартылган.

**Сунуш: 2.**

Мындан ары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августунадагы №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бекитүү жөнүндөгү” токтомун бузууга жол берилбесин.

**Табуу: 3.**

Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» 2002-жылдын 29-апрелиндеги № 76 мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана

финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобону талабын сактабастан, 2022-жыл аралыгында кызматкерлерге колго тийүүчү эмгек акысын **385,7** миң сомго ашыкча төлөнүп негизсиз чыгымдалгандыгы аныкталды. Аудит учурунда **385,7** миң сом 2023-жылдын 9-августунда № 2192 квитанциясы менен ордуна коюлду.

**Тыянак: 3.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобону талабын бузууга жол берилген.

**Сунуш: 3.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга жол берилбесин. Каржы бузууга жол берген жоопту кызматкердин жоопкерчилиги каралсын.

**Табуу: 4.**

Аудиттин жүрүшүндө банктык операцияларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №438 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибин, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобонун талабын сактабастан, 2022-жыл аралыгында М. Махмудовдун ОАО “Айыл Банктагы” эсебине **1107,6** миң сом которгондугу аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө **1107,6** миң сом 2023-жылдын 9-августунда № 11200097 квитанциясы менен ордуна коюлду.

**Тыянак: 4.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 438 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө

тартибин, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобонун талабын бузууга жол берген.

**Сунуш: 4.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 438 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө

тартибин, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга жол берилбесин. Каржы бузууга жол берген жоопту кызматкердин жоопкерчилиги каралсын.

**Табуу: 5.**

Аудиттин жүрүшүндө Ноокат айы өкмөтү **0,48** га муниципалдык жер аянтын аукцион аркылуу С. Балтабаевге **86,4** миң сомго сатып, бирок бүгүнкү күнгө чейин С. Балтабаев тарабынан жергиликтүү бюджеттке төгүлбөгөндүгү аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө жергиликтүү бюджетке өндүрүлдү.

**Тыянак: 5.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу токтомунун талаптарын сактаган эмес.

**Сунуш: 5.**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу токтомунун талабын бузууга жол берилбесин.

**Табуу: 6.**

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу токтому сактабастан, "Жаңы Ноокат округунун жайыт пайдалануучулардын бирикмеси" 2022-жыл аралыгында кассасына жайыт төлөм үчүн **70,8** миң сом кириштеп, Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн аккумляциялык эсебине төкпөстөн, казыналык системасы аркылуу эмес **(кыйгап өтүп)** түз кассасы аркылуу иштетилгендиги аныкталды.

**Тыянак: 6.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу токтому менен бекитилген жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө типтүү Жобонун 3-1 пунктуна ылайык, Жайыттарды пайдалануу үчүн каражаттар казыналык система аркылуу түшөт жана сарпталат. Аудитин жүрүшүндө **70,8** миң сом ордуна коюлду.

**Сунуш: 6.**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу токтому менен бекитилген жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө типтүү Жобонун талабын бузууга жол берилбесин.

**Табуу жана тыянак 7.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында каржы бузуулар аныкталган жок. Бирок мурдакы курулуш иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **58,3 миң** сомдук кошуп жазуулар азыркы күнгө чейин ордуна коюлган эмес.

**Сунуш 7.** Мурдакы курулуш иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **58,3 миң** сомдук кошуп жазуулар "олимп Групп" ЖЧКсынан бюджетке кайтарылсын. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткарбагандыгы үчүн айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысына тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Табуу жана тыянак 8.**

Аудит жүргүзүүнүн натыйжасында банктык операцияларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №438 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартиби жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү жөнүндө" Жобонун талаптары бузулуп **342,8 миң сомго** кассалык чыгымдар

жүргүзүлгөн. Аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында М. Махмудовтун эмгек акысын которууга ачылган “Айыл банк” ААКнун Ноокат филиалында ачылган 135044201453022 эсебине 342,8 миң сом которулган. Анын ичинен: айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнүүчү ижара акы, материалдык жардам жана эмгек акы 125,1 миң сом алуучулардын банктык эсеби ачылбагандыктан 135044201453022 эсебине которулуп М. Махмудов банктан алып чыгыш касса ордери менен алуучулардын өздөрүнө берген, АПЗ жана ИТУ кызматтары үчүн деп М. Махмудовтун 135044201453022 эсебине 217,7 миң сом которулган, эсепке туура эмес которулган акча 2023-жылдын 11-сентябрь күнү М. Махмудов тарабынан №335600024 накталай төлөм квитанциянын негизинде бюджетке кайтарылган.

**Сунуш 8.**

Мындан ары банктык операцияларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №438 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартиби жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так туура аткарылсын. Каржы бузууга жол берген жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги каралсын.

**8.Т.Зулпиев айыл өкмөтү (башчысы** - Тажибаев Д., ФЭБ башчысы - Алимжан уулу Н.).

**Табуу, тыянак 1.1:** Т.Зулпуев айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин сапар чыгымдары негизинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби” жөнүндөгү токтому менен бекитилген ченемдер ылайык төлөнүүгө кабыл алынган. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине жол кире чыгымдарынан ашыкча **5,7 миң** сом акча каражаты төлөнүп берилгендиги аныкталып, 2022-жыл ичиндеги кызматкерлер сапар чыгымдары боюнча ашыкча алынган акча каражатын ордуна коюлду;

**Сунуш 1.2:** Сапар чыгымдарын төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Табуу, тыянак 2.1:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү” Жобосунуна ылайык, Т.Зулпуев айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 24-июлундагы №201 буйругу менен комиссия курамы түзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансындагы негизги каражаттарына, жабдууларга жана инвентарлардын сакталуусуна инвентаризация өткөрүлүп, бухгалтериялык эсеп боюнча салыштырма ведомосту түзүлүп, анын натыйжасында айыл өкмөтүнүн аймагындагы бала бакчаларга 2022-жылга карата ата-энелерден жана демөөрчүлөрдөн **554,8** миң сомдук кириштелүүгө жаткан эмеректер жана электр жабдуулар аныкталып, жарым жылдык отчеттун негизинде балanска кириштелди;

**Сунуш 2.2:** Демөөрчүлөрдөн келген инвентарларды кириштөөдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик

эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары сакталсын.

**Табуу, тыянак 3.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында "Бал-Кыял балдар бакчасынын оңдоо" обьектиси боюнча «Ви-Ва комфорт Строй» ЖЧКсы аткарган иштерден **8,3 миң** сом кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 3.1.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, аудит учурунда калыбына келтирилбеген **8,3 миң** сомдук кошуп жазуулар «Ви-Ва комфорт Строй» ЖЧКсынан калыбына келтирилсин.

**9.Н.Исанов айыл өкмөтү (башчысы –** Примкулов Мирланбек Исламбекович**,** ФЭБ башчысы – Ботобаев Мухамедали Темиркулович).

**Табуу 1.1.1.**

Кыргыз Республикасынын президенттинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" жарлыгынын" 3 тиркемесинин *талаптары* туура сакталбай, Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүндө 2022- жылдагы бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында төмөндөгү кызматкерлерге айлык акыларынын эмгек стаждарына ашыкча төлөөлөргө жол берилген.

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен мекеменин кызматкерлери Ж.Юлдшевге, А.Алибаевге, М.Маматовго, М.Айдаровго, Б.Шалпыковдорго эмгек стаждарына ашыкча 5% пайыз туура эмес төлөмдүн жалпы суммасы **33,8** миң сомду түздү. Анын ичинен: айлык акы (2111) беренесинен **29,6** мин сом, соц.фонд(2121) беренесинен-**4,2** мин сом болду. Жогорудагы кызматкерлер тарабынан тиешелүү бюджетке кайтарылууга тийиш болгон жалпы сумма **25,1** миң сомду түзөт.

**Тыянак 1.1.2**

Жогоруда аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган айлык акыдан ашыкча жумшалган **25,1** миң сом тиешелүү бюджетке кайтарылууга тийиш. Жогоруда белгиленген укуктук-ченемдик актылардын талаптарын бузууга жол берилген. Аудит учурунда бухгалтердик тактаманыны негизинде Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн жогорудагы кызматкерлеринин эмгек акысынан **29,6** миң сомдон алынган бардык чегерүүлөрүнөн кийинки калган **25,1** миң сом акча каражаты 2023-жылдын 03-августундагы тизмек (ведомость) менен кармалып, тиешелүү бюджетке чегерилди.

**Сунуш 1.1.3.**

КРнын 2022-жылдын 1-августундагы Президенттин № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптарынын негизинде иш алып барылсын.

**Табуу: 2.1.1**

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу токтому сакталбастан, Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн ЖПБси 2022-жыл ичинде **114,7** миң сомго

казналык системасы аркылуу эмес **(кыйгап өтүү )** түз кассасы аркылуу иштетилгендиги аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө тийиштүү бюджетке чегерүү менен калыбына келтирилди.

**Сунуш: 2.1.3**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу токтому менен бекитилген жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө типтүү жобонун талабын бузууга жол берилбесин.

**Табуу: 2.2.1** Аудиттин жүрүшүндө Исанов айыл округунун жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан 2022-жылдагы ишмердүүлүгүн алып барууда жүргүзүлгөн алынган маалыматтардын жана жүргүзүлгөн анализдердин жыйынтыгында күтүлгөн жайыт үчүн төлөмдөрдүн орточо 75% пайызы менен эсептегенде орточо **1200,0** миң сом кирешени жоготууга жол берилгендиги аныкталды.

**Тыянак: 2.2.2** 2021-жылда бирикме тарабынан жайыт пайдалануучулардан төлөнүүчү акча каражат толук жыйналбагандыктан **1 200,0** миң сом каражат жыйналбай калгандыктан бирикменин кирешесин жоготууга жол берилген.

**Сунуш: 2.2.3** Бирикменин киреше бөлүгүн аткарууда ЖПБсы “Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.06.2009-жылдагы №386 токтомуна ылайык иш алып барылсын.

**Тыянак 3.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында “Жаңы-Базар айылына резервуар куруу” обьектиси боюнча “Аист Строй” ЖЧКсы аткарган иштерден **58,3 миң** сом кошуп жазуулар аныкталан.

**Сунуш 3.1.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **58,3 миң** сомдук кошуп жазуулар “Жаңы-Базар айылына резервуар куруу” обьектиси боюнча “Аист Строй” ЖЧКсынан калыбына келтирилсин.

**10. Кара-Таш айыл өкмөтү (башчысы - Б.Кааров., ФЭБ башчысы Ж.Кенжабаев** ).

**Табуу 1.1.** Айыл өкмөтүндө кызматтык автотранспортко сарпталуучу күйүүчү майдын нормалары сакталбастан 2022-жылда 20 литр 1,3 миң сомдук күйүүчү май белгиленген нормадан ашыкча сарапталган.

**Тыянак 1.1**. Айыл өкмөтүндө кызматтык автотранспортко күйүүчү майдын нормалары сакталбастан 20 литр 1,3 миң сомдук күйүүчү май белгиленген нормадан ашыкча сарапталган.Жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому бузулган;

**Сунуш 1.1**. Айыл өкмөтүндө кызматтык автотранспортту пайдаланууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому бузулбасын.

**Табуу 2.1.** Айыл өкмөтүндө муниципалдык кызматчылардын сапаттык курамы Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамынын 37-беренесинин талаптарына жооп бербейт. Аталган мыйзамдын 37-беренеси боюнча мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта туруу үчүн мыйзамда белгиленген чектүү куракка жеткенде; кызматчынын мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта туруусунун чектүү курагы 65 жашты түзөт; жергиликтүү кеңеш кызматчыга ишенбөөчүлүк көрсөткөндө токтотулат.Айыл өкмөтүндө жаш курагынан ашып кеткен кызматчылар бүгүнкү күнгө чейин иштеп жатат, жогорудагы мыйзамдын талаптарын аткаруу боюнча иш жүргүзүлгөн эмес. Атап айтканда, айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси Мамытов А. 1956-жылдын 16-майын туулган же болбосо 67 жашта.

**Сунуш 2.1.** Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" №125 Мыйзамынын 37-беренесинин талаптарын аткаруу жагы сунушталат.

**Табуу 3.1.** Сапар чыгымдарын төлөөдө, тандап алуу жолу менен текшерүү жүргүзүлүп, 2,0 миң сомдук ашыкча төлөөлөр аныкталды.

**Тыянак 3.1**. Аудиттин жүрүшүндө тандап алуу жолу менен текшерүү жүргүзүлүп, 2,0 миң сомдук ашыкча төлөөлөр аныкталып жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-август 2008-жылдагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби" жөнүндөгү токтому бузулган**.**

**Сунуш 3.1.** Айыл өкмөтүндө сапар чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-август 2008-жылдагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби" жөнүндөгү токтомунун негизинде жүргүзүлсүн. Ашыкча төлөнгөн **2,0 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Табуу 4.1.** Айыл өкмөтүндө эмгек келишими менен иштеген жумушчулардан кармалуучу киреше салыгы менен социалдык төлөмдөр боюнча жүргүзүлгөн аудитте, айыл өкмөтүндө аудит мезгили камтыган жылда ит атуудан эмгек келишимдери менен иштеген жумушчулардан жалпы суммасы **5,4 миң** сомдук киреше салыктары жана **5,4 миң** сомдук социалдык төлөмдөр кармалбай калгандыгы аныкталды.

**Тыянак 4.1** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 "Социалдык камсыдоого төлөмдөр" жана Кыргыз Республикасынын салык Кодексинин талаптары бузулуп **5,4 миң** сом киреше салыгы жана **5,4 миң** сом социалдык төлөмдөр чегирилбей калган.

**Сунуш 4.1.** Эмгек келишими менен убактылуу иштегендерге эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын" талаптарына ылайык салык жана камсыздандыруу төлөмдөрү өз убагында чегерилсин. Аудит учурунда кошумча эсептелинген **5,4 миң** сом киреше салыгы жана **5,4 миң** сом социалдык төлөмдөр тийиштүү бюджеттерге ордуна коюлсун.

**Табуу, тыянак 5.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында "Тагаев жана Камилов көчөлөрүндөгү суу

агуучу латокторду реаблитациялоо” обьектиси боюнча “Строй Монтаж Юг“ ЖЧКсы аткарган иштерден **84,0 миң** сом кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 5.1.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, аудит учурунда калыбына келтирилбеген **84,0 миң** сомдук кошуп жазуулар “Тагаев жана Камилов көчөлөрүндөгү суу агуучу лотокторду реаблитациялоо” обьектиси боюнча “Строй Монтаж Юг“ ЖЧКсынан калыбына келтирилсин.

**11. Кеңеш айыл өкмөтү** (башчысы - П.Асаналиев, финансы экономикалык бөлүмүнүн башчысы А.Мадраимов).

**Бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына карата жергиликтүү бийлик органдары тарабынан кабыл алынган чечимдердин жана ченемдик-укуктук актылардын мыйзамдуулугунун сакталышы боюнча:**

**Табуу 1.1** Жергиликтүү Кеңештин 2022-жылдын 19-февралындагы №10/1 токтомунун негизинде айыл аймагында жайгашкан ооруканага ашкана куруууга 1 000,0 миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилген. Бул Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесинин талаптарына туура келбейт, себеби бул беренеде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелери белгиленген, тактап айтканда саламаттык сактоонун муниципиалдык ишкана, мекемелерин күтүүгө жергиликтүү бюджеттен чыгашалар жүзөгө ашырылышы каралган, ал эми жогорудагы оорукана республикалык бюджеттен каржылануучу мекеме болуп саналат.

**Тыянак 1.1** Кеңеш айылдык кеңешинин 2022-жылдын 19-февралындагы №10/1 токтому негизинде Бюджеттик кодекстин талаптары сакталбай, айыл аймакта жайгашкан республикалык бюджеттен каржылануучу ооруканага ашкана куруу үчүн 1,000 миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн

**Сунуш 1.1** Жергиликтүү Кеңешке жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына карата чечимдерди кабыл алууда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелерин аткаруу боюнча Бюджеттик кодекстин талаптары сакталсын.

***Жооптуу адамдарга төлөмдөр боюнча:***

**Табуу 2.1** Кеңеш айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы Шапиев Улукбек 2022-жылдын 17-сентябрында кассадан 35,0 миң сом, 20-сентябрда 65,0 миң сом жалпы 100,0 миң сом накталай акча каражатын “Баткен коогалаңынын кесепеттери боюнча иш чарага” жооптуу сумма катары алган жана бүгүнкү күнгө чейин авнсалык отчет бухгалтерияга тапшырган эмес. Айыл өкмөттүн ФЭБ башчысы А.Мадраимовдун түшүнүк каты боюнча мурдагы айыл өкмөт башчысы У.Шапиевден алган жооптуу суммага отчетун бир канча жолу сураганын, бирок отчет ала албагандыгын түшүндүрөт.

**Тыянак 2.1.** Кеңеш айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы Шапиев Улукбек 2022-жылдын 17-сентябрында кассадан 35,0 миң сом, 20-сентябрда 65,0 миң сом жалпы 100,0 миң сом накталай акча каражатын “Баткен коогалаңынын кесепеттери боюнча иш чарага” жооптуу сумма катары алган жана бүгүнкү күнгө чейин авансалык отчет бухгалтерияга тапшырган эмес. Бул жерде Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү” Жобосунун 7-главасында каралган “Отчет менен берилген акчалар, аларды берүүдө каралган максаттарга

гана чыгымдалышы мүмкүн. Акча каражаттарын отчет менен алынгандыгы боюнча отчеттуу адамдар үч жумушчу күндөн кеч эмес бухгалтердик кызматка аванстык отчет (Форма 25) берет жана пайдаланылбаган аванстын калдыгын кассага кайтарып берүүнү жүргүзөт" деген талабы аткарылган эмес.

**Сунуш 2.1.** Кеңеш айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы Шапиев Улукбектен жооптуу сумма катары 2022-жылдын сентябрында алынган жалпы **100,0 миң сом** акча каражаты өндүрүлсүн.

Жоопкер жактарга берилген акча каражаттары боюнча отчет Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун пайдалануусу боюнча:**

**Табуу 3.1** Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун ижара акысы боюнча жылдын башына 179,7 миң сом дебитодук карыз болгон, ал эми жылдын аягына дебитордук карыз 287,1 миң сомду түзгөн. Бул жерде белгилеп кетүүчү жагдай, ижара акысы боюнча жылдын башына болгон 179,7 миң сом дебитордук карыз 2022-жылдын киреше планына кошулган эмес. Айыл өкмөттүн киреше боюнча кызматкерлерине жылдын аягына болгон 287,1 миң сом дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иш чараларды жүргүзүү талап кылынат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу" токтомунун талаптарына ылайык мамлекеттик жер фондунун жерлерин башкаруу Келечек планды иштеп чыгуу аркылуу башкарылышы керек. Кеңеш айыл өкмөтүндө Келечек планы иштелип чыккан эмес.

**Тыянак 3.1.** Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүүдө ижара акысы боюнча жылдын башына болгон 179,7 миң сом дебитордук карыз 2022-жылдын киреше планына кошулган эмес. Жылдын аягына ижара акысы боюнча дебитордук карыздардын 107,4 миң сомго өсүшүнө жол берилген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу" токтомунун талаптарына ылайык Келечек планы иштелип чыккан эмес.

**Сунуш 3.1.** Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун ижара акысы боюнча жылдын башына болгон **179,7 миң** сом дебитодук карыз жергиликтүү бюджеттин киреше планына кошулсун.

Айыл өкмөттүн киреше боюнча кызматкерлерине жылдын аягына болгон 287,1 миң сом дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иш чараларды жүргүзүү талап кылынат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу" токтомунун талаптарына ылайык мамлекеттик жер фондунун жерлерин башкаруу Келечек планы иштеп чыгылсын.

**Мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу боюнча:**

**Табуу 4.1** Аудитордук тандап алуу алкагында төмөндөгүлөр аныкталды:

-221021352680277 жарыя боюнча "бала-бакчаларга эмерек сатып алуу" пландалган суммасы 107,4 миң сом;

-220608334509763 жарыя боюнча “ички жолдорду оңдоо” пландалган суммасы 101,5 миң сом болгон, бул сатып алууларда кепилдикти камсыз кылуу талабы аткарылган эмес. Ал эми Мыйзамдын 22-беренесинде “Берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу, ал сунушту чакыртып албоого жана шарттарын өзгөртпөөгө, ошондой эле ал жеңүүчүсү деп аныкталган учурда, ушул Мыйзамдын 24-беренесине ылайык белгиленген өлчөмдү эске алуу менен контрактты аткарууну камсыздоо киргизүүгө (бар болсо) жана контракт түзүүгө кепилдик берүү максатында берүүчү тарабынан киргизилет.

Берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу жөнүндө талап, берүүчүлөр катары сатып алууларга катышкан мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерди кошпогондо, бардык берүүчүлөргө бирдей колдонулат”-деп көрсөтүлгөн.

**Тыянак 4.1** Аудитордук тандап алуу алкагында төмөндөгүлөр аныкталды:

- 220912347181281 жарыя боюнча “күйүүчү май сатып алуу пландалган сумма 53,3 миң сом”;
- 221216362493272 жарыя боюнча бала-бакчаларга тамак-аш сатып алуу” пландалган суммасы 416,4 миң сом.
- 221021352680277 жарыя боюнча “бала-бакчаларга эмерек сатып алуу” пландалган суммасы 107,4 миң сом;
- 220608334509763 жарыя боюнча “ички жолдорду оңдоо” пландалган суммасы 101,5 миң сом болгон, бул сатып алууларда Мыйзамдын 22-беренесинде каралган кепилдикти камсыз кылуу талабы аткарылган эмес.

**Сунуш 4.1** Сатып алууларды жүргузүүдө Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 мыйзамынын талаптары аткарылсын.

**Негизги каражаттардын сакталышы боюнча:**

**Табуу 5.1** Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 25-июлундагы №118 буйругунун негизинде айыл өкмөтүнүн балансында турган негизги жана айланма каражаттарга инвентаризация жүргүзүлгөн. Инвентаризациянын жыйынтыгында бухгалтериянын маалыматына караганда **561,0 миң** сомдук ашыкча чыгуулар аныкталган. Бул демөөрчүлөрдөн берилген мектептердеги негизги каражаттар болуп эсептелет. Аудит жүргүзүү мезгилинде бул негизги каражаттар бухгалтердик справка негизинде бухгалтердик эсепке тийиштүү проводка берилип кириштелди.

**Тыянак 5.1** Негизги каражаттардын эсебин жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү” Жобосунун 6-параграфында белгиленген тартипте демөөрчүлөрдөн келген негизги каражаттар өз убагында бухгалтердик эсепке алынган эмес.

**Сунуш 5.1** Негизги каражаттардын эсебин жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу 6.1** 2023-жылдын 1-январына карата “Ноокат строй” ЖЧКасы боюнча 105,6 миң сом дебитордук карыз бар, бул карыз ФЭБ башчысы А.Мадраимовдун түшүнүк каты боюнча 2013-жылы “көмүр сатып алуу” беренеси боюнча пайда болгон, аудитке келишим, төлөө тапшырмасы, накладнойлор көрсөтүлгөн жок.

**Тыянак 6.1** 2023-жылдын 1-январына карата “Ноокат строй” ЖЧКасы боюнча 105,6 миң сом дебитордук карыз бар, бул карыз ФЭБ башчысы А.Мадраимовдун түшүнүк каты боюнча 2013-жылы “көмүр сатып алуу” беренеси боюнча пайда болгон.

**Сунуш 6.1** “Ноокат строй” ЖЧКасы боюнча **105,6 миң сом** дебитордук карыз өндүрүлсүн.

**Табуу, тыянак 7.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **368,2 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, анын ичинен: “Маданият үйүнүн чатырын жана көрүү залын капиталдык оңдоп түзөө” обьектиси боюнча «Ремонтно-Строительный Сервис» ЖЧКсы аткарган иштерден **26,3** миң сом, “Ак-Терек башталгыч мектебине кошумча каана куруу” обьектси боюнча «Ремонтно-Строительный Сервис» ЖЧКсы аткарган иштерден **151,2 миң сом,** “Ак-Чабуу айылындагы кичи футбол аянтчасын куруу” обьектиси боюнча «Экшн Строй Сервис» ЖЧКсы аткарган иштерден **58,2 миң** сом, “Жаңы-арбын айылындагы лоток каналын ондоп түзөө” обьектиси боюнча «Али-Хан» ЖЧКсы аткарган иштерден **132,5 миң** сом, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 7.1.** Утурумдук жана капиталдык ондоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **368,2 миң** сомдук кошуп жазуулар төмөндөгу тийиштүү тараптардан калыбына келтирилсин: “Маданият үйүнүн чатырын жана көрүү залын капиталдык оңдоп түзөө” обьектиси боюнча «Ремонтно-Строительный Сервис» ЖЧКсынан **26,3** миң сом, “Ак-Терек башталгыч мектебине кошумча каана куруу” обьектси боюнча «Ремонтно-Строительный Сервис» ЖЧКсынан **151,2 миң сом,** “Ак-Чабуу айылындагы кичи футбол аянтчасын куруу” обьектиси боюнча «Экшн Строй Сервис» ЖЧКсынан **58,2 миң** сом, “Жаңы-арбын айылындагы лоток каналын ондоп түзөө” обьектиси боюнча «Али-Хан» ЖЧКсынан **132,5 миң** сом.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**12. Т.Кулатов айыл өкмөтү** (башчысы – **А.К.Абдылдаев**, ФЭБ башчысы – **Жанибек уулу Анарбек**).

**Табуу,Тыянак 1.1. Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу жана учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу беренелерине аудит.**

Башка кызматтарды сатып алуу беренеси боюнча сарптоо аудитордук тандап алуу процедураларын колдонуу боюнча методикалык көрсөтмөлөр” негизинде тестирлөө көлөмдөрү (объем выборки) аныкталып, кокусунан тандап алуу процесстери “генератор случайных чисел” компьютердик программасында 14 кассалык операциянын которулган акча каражатынын авансалык отчеттору алынып, жыйынтыгында 13 кассалык операциянын которулган акча каражатынын авансалык отчет тиешелүү документтери менен бар экендиги, ал эми 1 кассалык операциянын которулган акча каражатынын тастыктоочу докмуенттери жок экендиги аныкталды, тактап айтканда.

Айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 8-июнундагы №271 төлөө тапшырмасы менен 40,0 мин.сом жана 2022-жылдын 20-июлунундагы 391 төлөө тапшырмасы менен 45,6 мин.сом, жалпы 85,6 мин.сом акча каражаты жеке ишкер Исмаилов

Улугбек Кадыржановичке бала бакчаларга баннерлерди жасоо үчүн которулган, бирок жасаган ишин тастыктоочу документтерри бүгүнкү күнгө чейин жок чыгышталган, натыйжада Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 5 главасынын 106-бөлүмүнүн талаптары бузулган, аудит жүрүшүндө мекеменин кассасына 2023-жылдын 10-августундагы №599 кириш ордерлери менен жогорудагы аталган мекемелерден кайтарылып кириштелип койулду

**Сунуш 1.2** Акча каражаттарын чыгыштоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу, тыянак 2.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпы **1453,2 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, анын ичинен: "АКА" ЖЧКсы аткарган иштерден 487,5 миң сом, "Алтрейд" ЖЧКсы аткарган иштерден 520,2 миң сом, "Фэлкон девелопмэнт груп оф Сентрал Ейжа" ЖЧКсы аткарган иштерден 141,9 миң сом, "Техностил" ЖЧКсы аткарган иштрден 113,8 миң сом (аткарган иштерден кармап калуу менен калыбына келтирилди), "Экспресс групп ЛТД" ЖЧКсы аткарган иштерден 189,8 миң сом.

**Сунуш 2.2.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **1339,4 миң** сомдук кошуп жазуулар төмөндөгу тийиштүү тараптардан калыбына келтирилсин: "АКА" ЖЧКсынан 487,5 миң сом, "Алтрейд" ЖЧКсыннан 520,2 миң сом, "Фэлкон девелопмэнт груп оф Сентрал Ейжа" ЖЧКсынан 141,9 миң сом, "Экспресс групп ЛТД" ЖЧКсынна 189,8 миң сом.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**13. Найман айыл өкмөтү** (башчысы – Р. Шамаева., финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Абдуллажан кызы Альбина).

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, Найман айыл өкмөтүнүн 2022-жыл аралыгындагы бюджеттик жана атайын каражаттардын пайдаланышына, шайкештик аудит жүргүзүү боюнча иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**14. Көк-Жар айыл өкмөтү** (башчысы **Миңбаев.С.М., ФЭБ башчысы – Тургунбай уулу Айтибек**).

**Табуу 1.1** Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысынан 2022-жылдын 1-январына карата 358,3 миң сом карыз калган 2022-жылга 593,9 миң сом ижара акы эсептелип жалпы 2022-жыл үчүн 952,2(358,3+593,9=952,2) миң сом ижара акы төлөнүүсү тийиш болчу, бирок айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүн 2022-жылга пландоодо кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысынан 520,0миң сом акча каражатынын бюджетке түшүүсү пландалып, **432,2** (952,2-520,0=432,2) миң сом кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринен түшүүчү ижара акы аз пландалган.

***Тыянак 1.1.*** Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысынан 2022-жылдын 1-январына карата 358,3 миң сом карыз калган, 2022-жылга 593,9 миң сом ижара акы эсептелип жалпы 2022-жыл үчүн 952,2 (358,3+593,9=952,2) миң сом ижара акы төлөнүүсү тийиш болчу, бирок айыл өкмөтүнүн 2022-жылга киреше бөлүгүн пландоодо кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысынан 520,0 миң сом акча каражатынын бюджетке түшүүсү пландалган. Ошол себептүү **жалпы 432,2** (952,2-520,0=432,2) миң сом ижара акыдан түшүүчү акча каражатынан аз пландалган.

**Сунуш 1.1.** Айыл өкмөтүнүн кирешесин пландоодо, кирешени азайтып көрсөтүүгө жол берген тийиштүү кызматкердин жоопкерчилиги каралсын. ***2023-жылдын киреше бөлүмүнүн планына*** кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара **акысынан 432,2** миң сом акча каражаты кошумча киргизилип, бюджетке өндүрүлсүн.

**Табуу, тыянак 2.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында "Каранай айылындагы ички жолду асфальттоо" обьектиси боюнча "Нур-Жол-Строй" ЖЧКсы аткарган иштерден **17,4 миң** сом кошуп жазуулар аныкталан, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 2.1.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **17,4 миң сомдук** кошуп жазуулар "Каранай айылындагы ички жолду асфальттоо" обьектиси боюнча "Нур-Жол-Строй" ЖЧКсынан калыбына келтирилсин.

**14. Ноокат районундагы "Көк-Жар Тазалык" муниципиалдык ишканасы** (директору- Акматов А.Ч., башкы эсепчи Оржоева Г.).

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, "Көк-Жар Тазалык" муниципиалдык ишканасынын 2022-жыл аралыгындагы бюджеттик жана атайын каражаттардын пайдаланышына, шайкештик аудит жүргүзүү боюнча иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**15. "Он Эки Бел" айыл өкмөтү** (башчысы – А.Шамуратов, ФЭБ башчысы – К.Парманова).

**Табуу, жыйынтык №1.**

Айыл өкмөтү менен "Абдрахманов" ЖЧКсынын ортосунда 2022-жылдын 3-июнунда түзүлгөн №25 келишимдин негизинде, айыл өкмөтү 2022-жылдын 3-июнунда №85 төлөө тапшырмасы менен айыл өкмөтүнүн имаратынын ичине "Бирдиктүү терезе" орнотууга "Абдрахманов" ЖЧКсына 94,0 миң сом которгон. Айыл өкмөтүнүн имаратынын ичине "Бирдиктүү терезе" орнотулуп, 2022-жылдын 30-июнунда аткарылган иштерди кабыл алуу актысы түзүлгөн. Бирок, айыл өкмөтүнүн имаратынын ичине 94,0 миң сомго орнотулган "Бирдиктүү терезе" айыл өкмөтүнүн чыгымдарына чыгышталып, бухгалтериялык эсепке алынган эмес.

Натыйжада, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" буйругу менен бекитилген жобонун талаптары аткарылган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө айыл өкмөтүнүн имаратынын ичине орнотулган "Бирдиктүү терезе" бухгалтериялык проводка берилип, айыл өкмөтүнүн эсебине алынды.

**Сунуш №1.**

Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын бухгалтердик эсеби Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун негизинде жүргүзүлсүн.

**16. Төөлөс айыл өкмөтү** (башчысы – Эшматов А.М, ФЭБ башчысы Тешебаева А.А).

**Табуу 1.1** Кызматкерлердин эмгек акысына компенсация кошуп төлөөдө жооптуу катчысы Калмурзаев Омурзака сапарда жүргөн күндөрү кошулуп 5,4 миң сом, айыл башчы Өсөрөв Рустамга 0,6 миң сом, айыл башчы Садыков Абдыкалыка 0,6 миң сом, Өкмөт башчы Эшматов Адылбеке 1,4 миң сом, жер адиси Бакиров Маматшарипке 4,4 миң сом, өкмөт башчынын орун басары Тиленов Мурадиллага 9,6 миң сом баардыгы болуп **22,0 миң сом** ашыкча компенсация төлөнүп берилгендиги аныкталды.

**Тыянак 1.1** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдагы 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары” жөнүндөгү Указынын 4-пунктунда мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге компенсация өлчөмүн белгилөөдө, кызматкерлер иш сапарында жүргөн күндөрү кошулбай эсептелээри көрсөтүлгөнүнө карабай, айылдык кенештин жооптуу катчысы Калмурзаев Омурзака сапарда жүргөн күндөрү кошулуп 5,4 миң сом, айыл башчы Өсөрөв Рустамга 0,6 миң сом, айыл башчы Садыков Абдыкалыка 0,6 миң сом, Өкмөт башчы Эшматов Адылбеке 1,4 миң сом, жер адиси Бакиров Маматшарипке 4,4 миң сом, өкмөт башчынын орун басары Тиленов Мурадиллага 9,6 миң сом баардыгы болуп **22,0 миң сом** ашыкча компенсация төлөнүп берилгендиги аныкталып, аудиттин жүрүшүндө, 2023-жылдын 11-августундагы №21,57,59,217,219,221 банктык дүмүрчөктөрүнүн негизинде бюджетке кайтарылды.

**Сунуш 1.1** Мамлекеттик жана кызматкерлерге эмгек акысына компенсация төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдагы 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары” жөнүндөгү Указынын 4 -пунктуна ылайык жүргүзүлүп, мындан ары ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Табуу 2.1** Маданият кызматкери Маннапов Искендерге эмгек акы эсебинен берилген 9,6миң сом аванс, маданият бөлүмүнүн кенже кызматкерлери Исмаилова Базаргүлгө берилген 2,6 миң сом, Маннапов Мирланга берилген 3,0 миң сом, Мамадалиев Уланга берилген 3,2 миң сом, жалпы **18,4 миң сом** аванс эмгек акы китепчесинен кармалбай, ашыкча төлөөлөргө жол коюлган.

**Тыянак 2.1** Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндөгү” Жобонун талаптары аткарылбай, маданият кызматкери Маннапов Искендерге эмгек акы эсебинен берилген 9,6миң сом аванс, маданият бөлүмүнүн кенже кызматкерлери Исмаилова Базаргүлгө берилген 2,6 миң сом, Маннапов Мирланга берилген 3,0 миң сом, Мамадалиев Уланга берилген 3,2 миң сом, жалпы **18,4 миң сом** эмгек акы китепчесинен кармалбай дебитордук карыз жашырылып коюлган, аудит жүрүшүндө көрүлгөн чаралардын жыйынтыгы менен эмгек

китепчеси аркылуу кармалбай калган 18,4 миң сом тийиштүү кызматкерлердин эсебинен 2023-жылдын 11-августундагы №61, 14-августундагы №55,57,59 банктык дүмүрчөктөрүнүн негизинде тийиштүү бюджетке кайтарылды.

**Сунуш 2.1** Кызматкерлерге эмгек акы эсебинен берилген каражаттар өз убагында эмгек акы китепчеси аркылуу кармалсын, мындан ары дебитордук карыздарды эсептен жашырып коюуга жол берилбесин.

**Табуу 3.1** Киреше салыгы боюнча бюджет менен эсептешүүдө жылдык баланстык отчетто **48,4 миң сомдук** дебитордук карыз жашырылып коюлгандыгы аныкталды.

**Тыянак 3.1** Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндөгү” Жобонун талаптары аткарылбай, жылдык отчетто **48,4 миң сом** киреше салыгы, **61,0 миң сом** камсыздандыруу төлөмдөрүнөн болгон дебитордук карыздар отчеттон жашырылып коюлган, аудиттин жүрүшүндө акт сверка түзүлүп, баланска өзгөртүү киргизилип, дебитордук карыз ордуна коюлду.

**Сунуш 3.1** Бюджет менен эсептешүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык өз-ара эсептешүү актылары өз убагында түзүлүп жылдык баланс менен теңдештирилсин. 2023-жылдын сметасына, эмгек акы беренесине тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга, ТМБлардын ченемден ашык корлоруна жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга аудит:**

**Табуу 4.1** Айыл өкмөттүн балансында турган негизги каражаттарды жана товардык баалулуктарды эсептөө өткөрүүгө атайын комиссия дайындалып, эсептөөлөр жүргүзүлүп, жыйынтыгында **7,3** миң сомдук материалдык баалуулуктардын жетишпестиги аныкталды.

**Тыянак 4.1** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары аткарылбай **7,3 мин сомдук** материалдык баалуулуктардын жетишпестиги аныкталган. Аудит учурунда тийиштүү кызматкерлердин эсебинен кармалып 2023-жылдын 11-августундагы №1,3,5,7,9,11,13,15,17,19 банктык дүмүрчөктөрүнүн негизинде толук бюджетке кайтарылды.

**Сунуш 4.1** Негизги каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары толук аткарууга алынып, мындан ары кемчиликтерге жол берилбесин.

**Табуу 5.1** Аудит мезгилинде, негизги каражаттарды эсептен өткөрүү учурунда, айыл өкмөттүн карамагындагы билим берүү мекемелерине, демөөрчүлөр тарабынан берилген жалпы суммасы **370,7 миң сомдук** негизги

каражаттар айыл өкмөттүн эсебине кириштелбей, балансқа алынбагандыгы аныкталды.

**Тыянак 5.1** Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 25-декабры № 137-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 6- бөлүмүнүн 6- беренесинин 192-пунктунун талаптары аткарылбай, айыл өкмөттүн карамагындагы билим берүү мекемелерине демөөрчүлөр тарабынан берилген жалпы суммасы **370,7 миң сомдук** негизги каражаттар айыл өкмөттүн эсебине кириштелбей, балансқа алынбагандыгы аныкталып, аудит учурунда көрүлгөн чаралардын негизинде, түзүлгөн актылар аркылуу айыл өкмөттүн эсебине алынып балансқа коюлду.

**Сунуш 5.1** Негизги каражаттарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары толук аткарууга алынсын. Кемчиликтерге жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Табуу, тыянак 6.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында "Кеңеш айылындагы 75 орундуу балдар бакчасынын курулушу" обьектиси боюнча "Рим Строй групп" ЖЧКсы аткарган иштерден **75,6 миң** сом кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 6.1.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, аудит учурунда калыбына келтирилбеген **75,6 миң** сомдук кошуп жазуулар "Кеңеш айылындагы 75 орундуу балдар бакчасынын курулушу" обьектиси боюнча "Рим Строй групп" ЖЧКсынан калыбына келтирилсин.

**17. Ынтымак айыл өкмөтү** (башчысы – К.Саланов, ФЭБ башчысы – Б.Мусаева).

**Тыянак №1.**

Аудит мезгилинде, тандап алуу жолу менен текшерүү жүргүзгөндүн жыйынтыгы менен, айыл өкмөтүнүн балансында катталган негизги каражаттардан 2 (эки) Нооутбук 108,5 миң сомго 1(даана) Samsung чөнтөк телефону 15,6 миң сомго жана маданият үйүнө тиешелүү болгон 1 (бир) боз үй 50,0 миң сомго жетишпестиги аныкталып жалпы суммасы 174,1 миң сомдук жетишпестик аудиттин жүрүшүндө аныкталып, жоопкер тиешелүү кызматкерлерден түшүнүк кат алынып, жыйынтыгында көрүлгөн чаралардын негизинде ветеринардык адис Салиев Аскарали тарабынан мурдагы иштеп кеткен ветеринардык адис Абдибасилов Камалидинден 1(бир) даана нооутбук өндүрүлүп балансалык баасы 70,0 миң сом, 1(даана) Samsung чөнтөк телефону 15,6 миң сом, ошондой эле мурдагы иштеп кеткен башкы эсепчи Акимов Данияр тарабынан 1 (бир) Нооутбук 38,5 миң сомго жана 1 боз үй 50,0 миң сомго жалпысы болуп **174,1 мин сомдук** жетишпестик аудиттин жыйынтыгы менен кабыл алуу актысы түзүлүп ордуна коюлуп өндүрүлдү.

**Сунуш № 1.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу

секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**Тыянак №2.**

Аудит мезгилинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 19-майындагы №49 "Жер казынасы жөнүндө" мыйзамынын жана Жер Кодексинин 2008-жылдын 17-октябрындагы №231 мыйзамынын талаптары аткарылбастан, "Ак-Сай Цемент" ЖЧК менен Ынтымак ЖПБнын ортосундагы түзүлгөн келишимдин негизинде,ижарага алган 10,0 га жер тилкесинин ижаралык акысы Ынтымак ЖПБнын эсеп счётуна төлөнүүсү зарыл болгон, бирок аудит мезгилинде 2022-жылга "Ак-Сай Цемент" ЖЧКнын жайгашкан жерлердин ижара акысына 45,0 миң сом төлөнгөн эмес, ошондой эле Ынтымак ЖПБнын бухгалтердик эсебинде көрсөтүлбөй китепчеде катталбай өз убагында тиешелүү бюджетке чегерилбей калган. Жыйынтыгында көрүлгөн чаралардын негизинде 2023-жылдын 14-августунда №5117749 номурундагы банкалык дүмүрчөгү аркылуу "Ак-Сай Цемент" ЖЧК тарабынан келишимдин негизинде 2022-жылдын ижара акысы үчүн **45,0 мин сом** өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке которуу жолу менен аудит мезгилинде ордуна коюлуп өндүрүлдү.

**Сунуш №2.**

ЖПБнын келишим боюнча берилген 10,0га жеринин ижара акысынын өз убагында тиешелүү бюджетке которулуусу көзөмөлгө алынсын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 19-майындагы №49 "Жер казынасы жөнүндө" жана Жер Кодексинин 2008-жылдын 17-октябрындагы №231 Мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Тыянак 3.**

Ынтымак айыл өкмөтүнүн бакчасынын имаратын перепрофилирование башкача айтканда мектептин кенсесин бала бакча курууга Ош областтык өнүктүрүү фондунан Ничке-Суу (Челекчи) айылындагы Бейиш-Нуру бала бакчасына 4943,5 мин сом каржыланып курулуштун кошумча блоктору бүткөрүлүп 2022-жылдын декабрь айында ишке берилген.Ошондой эле Бүткүл дүнүйөлүк жаштар коому тарабынан Арык-Бою айылында Барчын А балдар бакчасына 1760,0 миң сомго Арык-Бою орто мектебинин айланасына курулган жана 2022-жылга өндүрүшгө берилип бүгүнкү күндө иштеп келе жаткан бала-бакчаларды балансupка алуу зарыл.

**Сунуш 3.**

Ынтымак айыл өкмөтүндгөгу кошумча курулган **6703,5 миң сомдук** курулмалар, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык айыл өкмөтүнүн балансына алынсын.

**18. Кыргыз-Ата айыл өкмөтү** (Башчысы - М.Эшполотов, ФЭБ башчысы – К.Аманов).

**Табуу, тыянак 1.1**: Айыл өкмөттө эмгектенген муниципалдык кызматкерлердин Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" №125 Мыйзамынын 37-беренесинин 2-пунктунда кызматчынын мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта туруусунун чектүү курагы 65 жашты түзөт деп белгиленген талаптарынын сакталышы боюнча аудит жүргүзгөндө, айыл өкмөттө төмөнкү 4 муниципалдык кызматкер жаш курагы 65 жаштан жогору болгону аныкталды:

-Аттокуров Абдыкалык Султанович башкы адис, 12.04.1958-жылы туулган;
-Толубаев Сатыбалды Жетимишович башкы адис, 20.05.1954-жылы туулган;
-Аматова Буражап жетектөөчү адис, 13.11.1955-жылы туулган;
-Маманова Бегайым Байдилдаевна жетектөөчү адис, 20.11.1957-жылы туулган.

**Сунуш 1.1:** Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" №125 Мыйзамынын 37-беренесинин талаптарын аткаруу жагы сунушталат.

**Табуу, тыянак 1.2:** 2022-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз-Ата айыл өкмөтү менен Салык кызматынын ортосунда түзүлгөн салыштыруу актынын негизинде социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 476,1 миң сом дебитордук карыз айыл өкмөттүн жылдык балансынын №12 тиркемесинде жана №6 түшүндүрмө катта аталган дебитордук карыз көрсөтүлгөн эмес. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" №137 сандуу буйругу менен бекитилген жобонун Юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуунун 3.2 бөлүгүнүн талаптарын аткарылбай дебитордук карыздар жылдык бухгалтердик баланста **476,1 мин сомго** көрсөтүлгөн эмес. Аудит мезгилинде айыл өкмөттүн жарым жылдык отчетунда корректировкалар киргизилип ордуна коюлду.

**Сунуш 1.2:** Кыргыз-Ата айыл өкмөтүндө бухгалтердик эсеп жана отчеттуулукту жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык жылдык балансты түзүүнүн алдында мамлекеттик жана жеке уюмдар менен салыштыруу актысын түзүп тактоо иштерин жүргүзүү жагы жолго коюлсун.

**19.А.Мирмахмудов айыл өкмөтү** (башчысы- М.Нурматов, ФЭБ башчысы – Ш.Гафаров).

**Табуу жана тыянак 1:** Аудиттин жүрүшүндө КРнын Каржы Миңистирлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругунун негизинде бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонунун талаптары сакталбастан, тактап айтканда банктык төлөм тапшырмасы аркылуу алынган эмгек акылыры эмгек акы эсептөө китепчесине түшүрүлбөй калгандыктан, айыл өкмөттүн кызматкерлери Ш.Шамсутдиновго 30,4 миң сом, Ш.Гаффаровго 60,0 миң сом жана М.Усупжановго 40,0 миң сом жалпысы болуп 130,0 миң сом эмгек акы ашыкча төлөнгөндүгү аныкталып, аудиттин жүрүшүндө тийиштүү кызматкерлердин эмгек китепчесинен кармалып, мекемеге калыбына келтирилди.

**Сунуш 1:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын. Ашыкча төлөөгө жол берген тийиштүү кызматкерлерге карата тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Табуу жана тыянак 2:** Аудиттин жүрүшүндө КРнын Каржы Миңистирлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругунун талаптары сакталбастан, 2022-жылда 494,3 миң сом дебитордук жашыруу аныкталып, аудиттин жүрүшүндө ордуна коюлду. Тактап айтканда 2022-жылда өткөрүлгөн сынактардын негизинде "Кафсар" ЖЧКсы менен электр линияларын куруу үчүн

материалдарды сатып алууга жалпысы болуп 5719,6 миң сомго келишим түзүлүп, 5719,6 миң сом айыл өкмөт тарабынан төлөнүп берилген. Берилген отчеттор боюнча 2022-жылда “Кафсар” ЖЧКсы тарабынан тапшырылган отчеттору боюнча жалпы сумма 5719,6 миң сом болуп, жылдын акырына аласа бересе калган эмес. Бирок аудиттин жүрүшүндө “Кафсар” ЖЧКсы тапшырган отчетторго көрсөтүлгөн материалдардын ичинен жалпысы болуп 494,3 миң сомдук материал айыл өкмөткө тапшырылбаганы аныкталып, аудиттин жүрүшүндө тийиштүү материалдык баалуулуктар алынып айыл өкмөткө кириштелди.

**Сунуш 2:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын. Ар түрдүү берүүчүлөрдөн келген материалдык баалуллуктарды кабыл алууда тийиштүү адисттердин катышуусу камсыз кылынсын.

Т**абуу, тыянак 3.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында “Барын айылындагы “Новои” орто мектебине футбол аянтчасын куруу” обьектиси боюнча “Шаңкол курулуш” ЖЧКсы аткарган иштерден **126,5 миң** сом кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 3.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, аудит учурунда калыбына келтирилбеген **126,5 миң** сом кошуп жазуулар “Барын айылындагы “Новои” орто мектебине футбол аянтчасын куруу” обьектиси боюнча “Шаңкол курулуш” ЖЧКсынан калыбына келтирилсин.

**20. Көк-Бел айыл өкмөтү** (башчысы - К. Карыбеков, ФЭБ башчысы – Ш. Дадабаев).

**1.1. Табуу, тыянак.**

**Жайыттарды пайдалануу бирикмесинин жергиликтүү бюджетке кирешелерди чогултуу ишмердүүлүгүнө аудит**

Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2022-жылга кирешелер боюнча сметасын бекитүүдө киреше булактары толук эсепке алынган эмес. Тактап айтканда смета түзүү эсеби боюнча: кара мал 380 башка 125 сомдон 47,5 миң сом жайыт акы бекитилген айыл өкмөтүндөгү мал эсеби боюнча орточо 2541 башка 125 сомдон 317,6 миң сом пландоо керек болгон айырма 270,1 миң сом; жылкы 170 башка 125 сомдон 21,2 миң сом жайыт акы бекитилген айыл өкмөтүндөгү мал эсеби боюнча орточо 720 башка 125 сомдон 90,0 миң сом пландоо керек болгон айырма 68,8 миң сом; кой 2800 башка 70 сомдон 196,0 миң сом жайыт акы бекитилген айыл өкмөтүндөгү мал эсеби боюнча орточо 7210 башка 70 сомдон 504,7 миң сом пландоо керек болгон айырма 308,7 миң сом. Жалпысынан алганда 2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө жайыт пайдалануудан чогултулуучу ижара акы 843,6 миң сомго аз эсептелип бюджеттин киреше бөлүгү бекитилген.

**1.2. Сунуш.**

Жергиликтүү бюджетти бекитүүдө айыл өкмөтүнүн аймагындагы жайытка чыгуучу малдын эсебин жана жайытка башка региондордон келүүчү малдын баш

санын аныктап, аныкталган малдын баш санына жараша бюжетке ижара акысын чогултуу планын аныктап бекитүү зарыл.

**2.1.Табуу, тыянак.**

Аудит жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын тартиби бузулгандыктан Соцфондго камсыздандыруу төлөмдөрү **23,7 миң сомго** кем эсептелип төлөнгөндүгү аныкталды.

**2.2. Сунуш.**

Мындан ары Соцфондго камсыздандыру төлөмдөрүн эсептеп төлөп берүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын негизинде жүргүзүлсүн. Аудит жыйынтыгы менен аныкталган **23,7 миң сом** Соцфондго кем эсептелген камсыздандыруу төлөмдөрү бюджетке төлөнүп берилсин.

**3.1. Табуу, тыянак.**

**Дебитордук жана кредитордук аласа береселердин абалына аудит**

Аудит объектисинин 2023-жылдын 1-январына карата баланс боюнча 436,3 миң сом кредитордук карыз эсепте болгон. Аудит жыйынтыгында иш сапар чыгымдары боюнча 12,5 миң сом, башка кызматтарды жана товарларды алуу чыгымдарынан 31,3 миң сом, материалдарды жана буюмдарды алуу чыгымдарынан 69,5 миң сом, көмүр сатып алуу чыгымдарынан 5,6 миң сом, конкурстук табыштамалардын кепилдигин камсыздоо төлөмдөрү 293,5 миң сом бардыгы болуп 412,4 миң сомго кредитордук карыз анык бар экендиги аныкталды. Ал эми калган 23,9 миң сомго баланс боюнча кредитордук карыздардын суммасын ашырып жазууда каржылык чектен чыгуу аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун кредитордук крыздардын эсебин алуудагы талаптары бузулган.

**3.2. Сунуш.**

Аудит объектисинде дебитордук жана кредитордук аласа береселердин эсебин алып барууну уюштуруу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун шайкеш келтирилсин. Аудитте аныкталган **23,9 миң сомдук** кредитордук карыздарды негизсиз көбөйтүүлөр бухгалтерик эсеп боюнча калыбына келтирилсин.

**21. Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти (директору - Данияр уулу М., Башкы эсепчиси – Парпиев М.).**

**Табуу 1.1.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылды 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу же кооптуу эмгек шарттарындагы жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы

жумуштар) типтүү тизмесин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары сакталбай иш орундарга атестация иштери жүргүзүлбөй муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлерине зыяндуулук үчүн 88,1 миң сом эмгек акыга үстөк акы, 15,2 миң сом социалдык фондко чегерүлөр, жалпысынан 103,3 миң сом негизсиз төлөөгө жол берилгендиги аныкталды.

**Сунуш 1.1.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258"Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын.

**22. «Ноокат Сууканал» муниципалдык ишканасы** (директору – Камалов З.Э., башкы бухгалтери – Калыкулов Т.).

**Табуу 1.1.** Салык кодексинин 176-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмотүнүн 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин талаптары аткарылбастан, "Ноокат Суу-канал" муниципалдык ишканасында сырттан пайдаланган кызмат көрсөтүүчү кызматкерлерге 70,1 мин сом төлөнгөн сыйлоо акыдан киреше салыгына 7,0 мин сом, 17,25% социалдык фондго төлөмүнө 12,1 миң сом, 8% социалдык фондко төлөмүнө 5,6 миң сом, бардыгы болуп **24,7 миң сом** эсептелбей жана которулбай калгандыгы аныкталды.

**Тыянак 1.1.** Кыргыз Республикасынын салык Кодексинин 176-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин талаптары бузулган.

**Сунуш 1.1.** Кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын салык Кодексинин 176-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2- беренесинин талаптары эске алынсын жана кошумча эсептелинген **24,7 миң сом** тийиштүү бюджетке которулуп калыбына келтирилсин.

**23. "Ноокат –Тазалык" МИ** (жетекчиси – Пратов Ж., башкы бухгалтери – Э.Ахмедова).

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, "Ноокат Тазалык" муниципиалдык ишканасынын 2022-жыл аралыгындагы бюджеттик жана атайын каражаттардын пайдаланышына, шайкештик аудит жүргүзүү боюнча иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде, баардык тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**24. «Ноокат жылуулук камсыздоо» муниципалдык ишканасы** (директору– Айткулов А.Э., башкы эсепчиси – М.Таштемиров).

**Табуу 1.1.**

«Ноокат жылуулук камсыздоо» муниципалдык ишканасынын 2022-жылга кирешелеринин жана чыгашаларын пландаштырууда абоненттерден жылуулук

менен камсыздоо үчүн алган акылардан түшүүчү **730,0 миң сомдук кирешелер эсепке алынбай бюджети түзүлгөндүгү аныкталды.**

**Сунуш 1.1.**

Мекеменин эсеп-учетун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын. Абоненттерден жылуулук менен камсыздоо үчүн төлөнүүчү (күтүлүүчү) **730,0 миң сомдук** кирешелер ишкананын бюджетине өндүрүлсүн.

**Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча аудит:**

**Табуу 2.1.**

«Ноокат жылуулук камсыздоо» муниципалдык ишканасынын берген маалыматы боюнча бухгалтериялык №32174200*"Мекеме уюмдар менен болгон эсептешүүлөр"* эсеби боюнча 2022-жылдын 1-январына карата дебитордук (аласа) карыздары жок, кредитордук карызы (бересе) 1581,8 миң сом. 2022-жылда дебитордук айлануу боюнча 7098,2 миң сомго айланган, ал эми кредитордук айлануу боюнча 6471,0 миң сомду түзүп, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз жок, ал эми кредитордук карыз 954,6 миң сомду түзгөн. 2022-жылга түзүлгөн баланс боюнча дебитордук карыз чагылдырылган эмес. Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 805,6 миң сомдук дебитордук жаап жашыруулар аныкталды, "НУРС капитал" ЖЧКсынан 805,6 миң сом которулуп 340 тонна көмүр 2023-жылдын январь айында алынган. Аудит учурунда «Ноокат жылуулук камсыздоо» муниципалдык ишканасынын балансына алынып ордуна коюлду (эсептеги катачылык, дебитордук жашырууга алынбайт).

**Сунуш 2.1.**

Мекеменин эсеп-учетун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын. Бухгалтердик эсепти тийиштүү деңгээлде аткарбагандыгы үчүн эсеп кызматкерлеринин кызмат ордуна татыктуулугу каралсын.

**Табуу 3.1**.

Мекеменин эсеп-учетун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталбастан "КАМО" ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимде төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн: 2–даана насос 260,0 миң сом, насоту орнотуу иштерине 20,0 миң сом, насоторду жеткирүү иштерине 25,0 миң сом, чыгымдардын жалпы суммасы 305,0 миң сомго келишим түзүлгөн. Ал эми аныгында 2-даана насос алынып келинип "КАМО" ЖЧКсы тарабынан орнотуу иштери жүргүзүлгөн эмес. «Ноокат жылуулук камсыздоо» муниципалдык ишканасы тарабынан аткарылбаган ишке "КАМО" ЖЧКсына 20,0 миң сом өлчөмүндө акча каражаты которууга жол берилгендиги аныкталып, Аудит учурунда көрүлгөн чаралардын жыйынтыгында «Ноокат жылуулук камсыздоо» муниципалдык ишканасы жана "КАМО"ЖЧКсы ортосунда эсептешүү актысы түзүлүп ордуна коюлду (**410215** Дт жашыруу).

**Сунуш 3.1.**

Мекеменин эсеп-учетун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген

“Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын. “КАМО” ЖЧКсына которулган **305,0 миң** сом мекемеге келишимде көрсөтүлгөн иштерди аткартуу менен калыбына келтирилсин.

**Табуу. 4.1.**

Мекеменин эсеп-учетун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталбастан, аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында Э. Насировго жоопкерчилигине берилген **15,1 миң** сом негизсиз эсептен чыгыдоого жол берилгендиги аныкталып. Аудит жүрүп жаткан учурда көрүлгөн чаралардын жыйынтыгында ордуна коюлду **(310106).**

**Сунуш 4.1.**

Мекеменин эсеп-учетун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**Табуу 5.1.**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 жана 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 1-бөлүгүнүн 50-беренесинин талаптарына ылайык. Аудиттин жыйынтыгында 2022-жылдын 22-августунда өткөрүлгөн тендердин жыйынтыгында “НУРС Капитал” ЖЧКсы келишимдин аткарылышына кепилдиги жок 3168,8 миң сомго көмүр берүүчү жеңүүчүсү деп табылгандыгы аныкталды.

“КАМА” ЖЧКсы ремонт иштерин жүргүзгөнүнө карабастан 305,0 миң сомдук насос сатуучу катарында жеңүүчү деп табылган. 3473,8 миң сомдук мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда мыйзамдын талаптары сакталбагандыгы аныкталды.

**Сунуш 5.1.**

Мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 1-бөлүгүнүн 50-беренесинин талаптары сакталсын.

**Табуу 6.1.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык- материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген нускамага ылайык Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерде турган бардык мекемелер боюнча, алардын ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алуу жүргүзүлөт. Эсепке алуу өткөн жыл үчүн сметаны аткаруу тууралуу бухгалтердик отчеттун негизинде, запас нормаларына жараша жүргүзүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун нускамасына ылайык, эсептөөлөрдүн негизинде 2023-жылдын 31-декабрына карата 697400 кг же 1 624,9 миң сомдук көмүр калдыгы калган, 2022-жылдын чыгымдары боюнча (1384700 кг же 2 707,7 миң сом көмүр чыгымдалып 1 күнгө 3846 килограмды түзгөн көмүрдүн калдыгы 181 күнгө калган. Аудиттин жыйынтыгында 61 күнгө 234606 килограм же болбосо

546,6 миң сомдук ченемден ашыкча баалуулуктардын запастары аныкталды, анын ичинен: - күйүүчү отун ( көмүр) 546,6 миң сом же 234606 килограмм.

Кредиттердин башкы тескөөчүлөрү нормативден ашыкча запастарды жана каражаттарды эсепке алууну бюджеттик мекемелердин жылдык отчеттору боюнча жүргүзөт. Бирок кредиттердин башкы тескөөчүлөрү башкармалыктын 2022-жылдын жылдык отчету боюнча нормативден ашыкча запастарды эсепке алууну жүргүзгөн эмес.

**Сунуш 6.1.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык- материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген нускамага ылайык эсептөөлөр жүргүзүлсүн. Материалдык баалуулуктардын **546,6 миң сомдук** ченемден ашык запастары аталган токтомдо белгиленген тартипте эсепке алынсын.

**Аудиттин жыйынтыгы менен:**

- тиешелүү чараларды көрүү үчүн Ноокат районунун мамлекеттик администрация башчысына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокат финансы башкармалыгынын башчысына, айыл өкмөттөрдүн жана мунуципалдык мекемелеринин башчыларына сунуштамалар жана жазма буйруктар жөнөтүлдү;
- жергиликтүү Кеңештердин сессиясында карoo үчүн аудиттин отчетторунун, сунуштамаларынын жана жазма буйруктарынын көчүрмөлөрү жергиликтүү Кеңештердин төрагаларына жөнөтүлдү;
- аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпылоо отчету Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош областы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө жиберилди.
- Ноокат шаардык Кеңешинде аныкталган каржы бузуулар боюнча укуктук баа берүү үчун, аудиттин материалдары Ош облаттык прокуратурасына берилди.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын Ош шаары,**
**Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары**
**боюнча аймактык бөлүнүшүнүн**
**мамлекеттик инспектору** **Г. Б. Уметалиева**